| 23) | Таштанды ташып чыгарууга техникаларды жаңылоо | “Ноокат Тазалык” муниципал-дык ишканасынын жетекчиси | Калк: 15 451 адам, анын ичинен аялдардын саны 8 219, эркектердин саны 7 232 адам | 2024<br>2025 | | 10 млн | Техникалар сатып алынат | |
| 24) | **Билим берүү жана маданият** | | | | | | | |
| 25) | Улуттук оюндарды өткөрүү боюнча атайын секцияларды уюштуруу | Мамашеров Улан, жаштар, маданият жана спорт боюнча адис | Жаштар – 100 адам, анын ичинен 30% кыздар | 2026 | 200,0 | ЖБ | 50 жаш, анын ичинен 20 аялдар | 50 жаш, анын ичинен 20 аялдар |
| 26) | Аялдарга жана эркектерге фитнес клубдарды ачуу | Мамашеров Улан, жаштар, маданият жана спорт боюнча адис | Жаштар – 100 адам, анын ичинен 30% кыздар | 2026 | 4 млн | ЖБ | 50 жаш, анын ичинен 20 аялдар | 50 жаш, анын ичинен 20 аялдар |
| 27) | Маданият үйүнүн музыкалык-аппаратураларды алуу | Мамашеров Улан, жаштар, маданият жана спорт боюнча адис | Жаштар – 50 адам, анын ичинен 20 аялдар | 2026 | 4 млн | ЖБ | 50 жаш, анын ичинен 20 аялдар | 50 жаш, анын ичинен 20 аялдар |
| 28) | Ноокат шаарында Жаштар борборун | Мамашеров Улан, жаштар, | Жаштар – 100 адам, анын | 2026 | 3 млн | ЖБ | Жаштар – 100 адам, аныничине 30% кыздар | Жаштар – 100 адам, аныничине 30% кыздар |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | түзүү | маданият жана спорт боюнча адис | ичинен 30% кыздар | | | | | |
| 29) | Мектептерде өрт коопсуздугунун алдын алуу максатында суу сактоочу резеруарларды куруу | Ноокат шаар мэриясы, Тиллаев Жолой, Данияр уулу Мансур. | 6026 бала бакчанын коопсуздугу каралат | 2024-2025 | | ЖБ | 6026 бала бакчанынкоопсуздуг укаралат | Өрт коопсуздугун алды алынат |
| 30) | Н.Крупская атындагы орто мектебине 650 орундуу кошумча корпус 100 орундуу жатаканасы менен куруу | Данияр уулу Мансур, ММДнин директору | 650 бала ынгайлуу билим алууга ээ болот | 2024 2025 | | ЖБ Стим грант | 650 бала ынгайлуубилималуу гаээ болот | Билим сапаты жакшырат жана окуучуларга жагымдуу шарттар түзүлөт |
| 31) | Абдуллаев атындагы орто мектебине кошумча корпус куруу | Данияр уулу Мансур, ММДнин директору | 240 бала ынгайлуу билим алууга ээ болот | 2024 2025 | 59 млн | ЖБ Стим грант | 240 бала ынгайлуубилималуу гаээ болот | Билим сапаты жакшырат жана окуучулуарга жагымдуу шарттар түзүлөт |
| 32) | Ынтымак негизги мектебине спорттук аянтча куруу | Ноокат шаар мэриясы, Тиллаев Жолой | 155 бала сапаттуу дене тарбия сабагы менен алектенет | 2024 | 1 млн 800 мин сом | ЖБ | 155 бала сапаттуу дене тарбия сабагы менен алектенет | |
| **3.** | **Экономика** | | | | | | | |
| 33) | Окутуулар жана | Адилбеков | 100 жаран | 2024 | 100 000 | | Жергиликтүү | Жергиликтүү |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | алдыңкы тажрыйба алмашууларды уюштуруу, жайылтуу | Мухаммед | 40 аял | 2025 2026 | | | ишкерлердин бизнес идеяларды ишке ашыруу потенциалы жогорулатуу боюнча иш алып баруу; | ишкерлердин бизнес идеяларды ишке ашыруу потенциалы жогорулайт |
| 34) | Шаар аймагында ишмердүүлүк алып барып жаткан бардык соода түйүндөрү, калкка кызмат көрсөтүүлөрдү инвентаризациялоо | Салиев Мухаммед, Адилбеков Мухаммед | Шаар тургундары | 2024 2025 2026 | -- | | Шаар аймагында салык төлөөчү точкалардын дислокациясы даярдалат | Шаар аймагында «көмүскө экономиканы» тактап салыкка тартылат. |
| **4.** | | **Инклюзивди көнүгүү** | | | | | | |
| 35) | Ноокат шаарынын аймагында жашаган калктын жакырчылык деңгээлин 5% га түшүрүү чаралары үстүндө иш алып баруу | ИнаковаЧаросМамыржонов-на-социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис | Шаар аймагында жашаган калк | 2024-2026-жж | 2 000 000 | ЖБ | Соц контракт негизинде бизнес баштаган 21 аялга колдоо көрсөтүлөт | Соц контракт негизинде бизнес баштаган40аялгаколдоокөрсөтүлөт |
| 36) | Үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык түрлөрүн алдын алуу жана аларга бөгөт коюу, кризистик борборлор уюштуруу | ИнаковаЧаросМамыржонов-на-социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис | Зомбулукка кабылган аялдар | 2024-2026-жж | 500 000 | ЖБ | 62 аялга окуу семинар уюштуруп, түшүндүрүү иштери алып барылат | 62 аялга окуу семинар уюштуруп, түшүндүрүү иштери алып барылып жетиштүү билимге ээ болушат |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 37) | Калктын турмуш деңгээлин жакшыртуу, жакырчылыкты жоюп өзүн-өзү жумуштандыруусуна шарт түзүү максатында окуу курстарын уюштуруу | ИнаковаЧаросМамыржонов-на- социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис | Жаштар, аялдар, эркектер | 2024-2026-жж | 300 000 | Эл аралык уюмдар | 75 аял, 75 эркекке ар түрдүү кесиптер боюнча окуу курстары уюштурулат | Шаар аймагынын жумушсуз 150 жараны өзүн өзү жумуштандыруу үчүн билим алат |
| 38) | Жумушсуздукту кысартуу жана миграциялык кырдааллды жакшыртуу багытында кошумча жумуш орун түзүү максатында кичи нан цех ачуу | Ноокат шаар мэриясы | Жаштар, аялдар, эркектер | 2024-2025-жж | 100 000 | БДАТ программасы | 10 адамга жумуш орду түзүлөт | Жашоо шартын жакшыртуу үчүн шарт түзүлөт |
| 39) | Аз камсыз үй-бүлөлөрдү убактылуу акы төлөнүүчүү жумуш менен камсыздоо максатында эл аралык уюмдар менен иш алып баруу | ИнаковаЧаросМамыржонов-на- социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис | Аз камсыз болгон үй-бүлө мүчөлөрү | 2024-2026-жж | 100 000 | Эл аралык уюмдар менен биргеликте | 150 аз камсыз үй-бүлө 1 жолку акы төлөнүүчү жумуш менен камсыздалат | Шаар аймагын көрктөндүрүү менен бирге кошумча каражат менен камсыздалышат |
| 40) | Келишимдин негизинде ишкерлер, дыйкандар менен убактылуу сезондук жумуштар уюштуруу | Ж.Тиллаев- вице мэр, Инакова Чарос Мамыржонов-на- | Шаар тургундары | 2024-2026-жж | -- | --- | 1000 ден ашуун сезондук жумуш орундары тузүлөт | Дыйкандар жана ишкерлер убактылуу жумуш берүү менен жарандарга материалдык жактан колдоо |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис | | | | | | көрсөтүлөт |
| 5. | **Мейкиндик** | | | | | | | |
| 41) | Жаңы социалдык объектилерди куруу үчүн жер бөлүп берүү | Данияр уулу Мансур ММД жетекчиси | Ноокат шаар мэриясы, ишкерлер | 2024-2026жж | --- | -- | Крупская орто мектебине кошумча имарат курулат | Билим берүү сапатын жогорулатууга шарт түзүлөт |
| 42) | Жеке ишкерлергежермаселесибоюнчажардамкөрсөтүү | Абдивахидов Махмуджан Шакирович ФЭБ башчысы | Жеке ишкерлер | 2024-2026жж | -- | -- | Жеке ишкерлерге өздөрүнүн менчигинде турган жер тилкелерин мыйзам чегинде трансформациялоого жана иш кагаздарын даярдоого көмөк көрсөтүлөт | Жергиликтүү бюджеттин көлөмүн жогорулатууга шарт түзүлөт |
| 43) | Шаардын  ген планы менениш алып аруу | Данияруулу Мансур ММД жетекчиси | Ноокат шаар мэриясы | 2024-2026жж | 150 000 | ЖБ | Тийешелүү мекемелер менен шаар аймагынын административдик чегараларын ген план негизинде инвентаризация жүргүзүлөт | Тийешелүү мекемелер менен шаар аймагынын административдик чегараларын ген план негизинде инвентаризация аягына чыгарылат |
| 44) | АТР негизинде кошуна айыл аймактардын Ноокат шаарына кошулуу | Ноокат шаар мэриясы, тийишелүү мамлекеттик | Айыл аймактын жана шаар | 2024-2026 | -- | -- | Шаар аймагына кошулуучу айыл аймактары такталат, тиешелүү иш | Шаар аймагынын аянты кеңейтилет, инфраструктура жакшырып, |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | процессинин негизинде чегараларды тактоо | органдар | тургундары | | | | кагаздар даярдалат. | инвестиция тартуу көлөмү жогорулайт |
| 45) | АТР негизинде калкты турак жай менен камсыздоо | Ноокат шаар мэриясы, тийиштүү мамлекеттик органдар | Шаар тургундары | 2024-2026 | | | Шаар тургундарын турак жай менен камсыздоо максатында көп кабатуу үйлөр куруу пландары иштеп чыгылат | Калктын турак жайга болгон муктаждыктары чечилет, шаардын аянты кеңеет. |
| **6.** | **Экология** | | | | | | | |
| 46) | Жылытуусистемасы нжакшыртуу | Айткулов Асылбек “Ноокат Жылуулук” МИсынын жетекчиси | Ноокат шаарынын тургундары | 2024-2026-жж | 1 200 000 | ЖБ | Ышка каршы фильтрлер орнотуу | Шаардын экологиясы жакшырат, калктын ден соолугуна кам көрүлөт |
| 47) | КТК кайра иштетүү | “Ноокат тазалык” МИсынын жетекчиси | Ноокат районунун тургундары | 2024-2026-жж | 3 000 000 | Демөөрчүлөр | КТК кайра иштетилип, элге кайра пайдаланууга берилет Мисалы: жер семрткичтер | Экологиялык шарттар жакшырат, ата мекендик өндүрүштөгү жер семирткичтер пайдаланууга алынат |
| 48) | Шаардагы таштанды сактоочу жайларды ирээтке келтирүү, тегерегин курчоо, айлана чөйрөнүн тазалыгын сактоону камсыз кылуу | “Ноокат тазалык” МИсынын жетекчиси | Шаар тургундары | 2024-2026-жж | 100 000 | ЖБ | Жыл сайын төрттөн кем эмес “Тазалык” акцияларын уюштуруу аркылуу элге түшүндүүү иштерин алып баруу | Тазалык акцияларын уюштуруу менен калк арасында экологияны сактоо, айлана чөйрөнү коргоо багытында |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | көнүм пайда болот |
| 49) | Айыл аймакты таштандылардан арылтуу менен айыл тургундарына айлана чөйрөнүн тазалыгын сактоосун камсыз кылуу. | “Ноокат тазалык” МИсынын, Ноокат шаар мэриясы | Шаар тургундары | 2024-2026 | -- | -- | Жума сайын тазалык күнүн белгилеп, жарандарды тартуу | График негизинде так иш алып баруу, жылына 2 ден кем эмес коомдук угууларды өткөрүү |
| 50) | Жашылдандыруу, көрктөндүрүү | Ноокат шаар мэриясы, ММД | Шаар тургундары | 2043-2026 | 2 000 000 | ЖБ | Ноокат шаарынын борборуна 1 сквер ачылып айланасы көрктөндүрүлөт, шаар тургундарынын бош убактыларын мазмундуу өткөрүүсүнө шарт түзүү максатында иштер уюштурулат | Ноокат шаарынын борборуна 1 сквер ачылып айланасы көрктөндүрүлөт, шаар тургундарынын бош убактыларын мазмундуу өткөрүүсүнө шарт түзүлөт |
| | | | | Өзгөчө кырдаал | | | | |
| 51) | Кара-Турпак жана Бостон кварталдарын аралап өткөн Чили-Сай дарыясын жээктерин габион торчолор менен бекемдөө | Ноокат шаар мэриясы, ММД | Шаар тургундары | 2023-2026 | 2 000 000 | БДАТ программа-сы, ЖБ, элдик салым | Айыл тургундарынын табигый кырсыктардан коопсуздугу камсыз кылынат | |
| 52) | Чечме-Сай дарыясын тазалоо | Ноокат шаар мэриясы | Шаардын жана кошуна | 2023 | 100 000 | БДАТП, ЖБ, элдик салым | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | айылдардын тургундары | | | | | |

**Ноокат шаардык кеңешинин жооптуу катчысы: М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №3**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын 2024-жылдын 1-январына карата үнөмдөлгөн акча каражатын болуп берүү жөнүндө.**

Ноокат шаар мэриясынын 2024-жылдын 1-январына карата үнөмдөлгөн акча каражатын болуп берүү жөнүндө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-бөлүмчөсүнө ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ноокат шаар мэриясынын 2024-жылдын 1-январына карата үнөмдөлгөн акча каражатынын эсебинен өткөзүлгөн тендерден болгон карыздарды толоо үчүн:

-“Али-Хан” ЖЧК ишканасына-1 253 221 (бир миллион эки жүз элү үч миң эки жүз жыйырма бир) сом (Ынтимак мектебинин спорт аянтчасына) ;

-“ НМА Групп” ЖЧК ишканасына-249 000 (эки жүз кырк тогуз миң) сом (мактаб жана мектепкече билим берүү мекемелеринин электр тармактары лабораториясы үчүн) ;

-“Ислам Строй Сервис” ЖЧК ишканасына-55 000 (элүү беш миң) сом (технадзор) акча каражаттары ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Т.Р.Маманазаровго тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №4**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарынын аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ата энелер тарабынан төлөнүүчү взностун өлчөмүн көтөрүү үчүн макулдук берүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ата энелер тарабынан төлөнүүчү взнос ушул күнгө чейин 700 (жети жүз) сом өлчөмүндө төлөнүп келген. Тамак ашка керектелүүчү азык-түлүктөрдүн баасы өскөндүгүнө байланыштуу взностун баасын 1 000 (бир миң) сом өлчөмүнө көтөрүү үчүн ар бир мектепке чейинки билим берүү мекемеси ата энелер жыйналышында талкулашып, алар тараптан макулдук берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика, соода маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-бөлүмчөсүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаарынын аймагындагы мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ата энелер тарабынан төлөнүүчү взностун өлчөмүн 700 (жети жүз) сом өлчөмүнөн 1 000 (бир миң) сом өлчөмүнө көтөрүү үчүн макулдук берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары Г.К.Дуванаевага тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №5**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары 06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарынын аймагындагы Х.Самиев атындагы орто мектебинин отказанынын моорусуна атайын тазалоочу эмерек (фильтр) орнотууга акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын аймагындагы Х.Самиев атындагы орто мектебинин отказанынан чыккан кара түтүн жарандардын дең-соолугуна жана айлана чөйрөнүн экологиясына терс таасирин тийгизип жаткандыгына байланыштуу аталган отказандын моорусуна атайын тазалоочу эмерек (фильтр) орнотууга көмөк көрсөтүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика, соода маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М   К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаарынын аймагындагы Х.Самиев атындагы орто мектебинин отказанынын моорусуна атайын тазалоочу эмерек (фильтр) орнотуу үчүн Ноокат шаар мэриясынын бюджетинин үнөмдөлгөн акча каражаты эсебинен 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Т.Т.Кадирбаевке тапшырылсын.

**Төрага Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №6**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин типтүү түзүмү жана штаттык бирдигине өзгөртүү, толуктоо жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментине жаңы эксafkватор сатып алынгандыгына байланыштуу типтүү түзүмү жана штаттык бирдигине өзгөртүү, толуктоо киргизүү менен кошумча бир айдоочу штаттык бирдигин ачуу жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика, соода маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин типтүү түзүмү жана штаттык бирдигине кошумча бир айдоочу штаты бекитип берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты А.А.Кодиралиевге тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №7**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарына караштуу А.Абдуваитов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу үчүн Ош облустук өнүктүрүү фондуна өздүк салымга жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражаты ажыратып берүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясы, 2022-2024-жылдардагы социалдык экономикалык өнүгүү программасынын иш аракеттер планынын алкагында 2024-жылдын иш планына киргизилген Ноокат шаарына караштуу А.Абдуваитов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу үчүн Ош облустук өнүктүрүү фондуна тапшырылган долбоорго өздүк салымга жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражаты ажыратып берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика, соода маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаарына караштуу А.Абдуваитов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу үчүн өздүк салымга жергиликтүү бюджеттин эсебинен 5 000 000 (беш миллион) сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты С.Нурманбетовго тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №8**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарынын аймагында “Ноокат” футбол клубу муниципалдык ишканасын ачууга макулдук берүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын аймагында “Ноокат” футбол клубу муниципалдык ишканасын ачууга макулдук берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т :**

1. Ноокат шаарынын аймагында “Ноокат” футбол клубу муниципалдык ишканасын ачууга макулдук берилсин.
2. “Ноокат” футбол клубу муниципалдык ишканасынын жылдык чыгымдарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 708-рездел, жаштар, спорт жана маданият тармагына бөлүнгөн каражаттардын чегинде каржылык колдоо көрсөтүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Б.Айтматовго тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №9**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясына боди-камераларды, планшеттерди сатып алуу үчүн акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө.**

Ноокат шаар мэриясына боди-камераларды, планшеттерди сатып алуу үчүн акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаар мэриясына боди-камераларды, планшеттерди сатып алып, Ноокат шаардык милиция бөлүмчөсүнүн кызматкелерине пайдаланууга берүү үчүн Ноокат шаарынын бюджетинин 2024-жылдын 1-январына үнөмдөлгөн акча каражатынын эсебинен 320 000 (үч жүз жыйырма миң) сом акча каражатын ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Г.У.Араповага тапшырылсын.

**Төрага:-** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №10**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарынын аймагындагы мекеме-ишканалардын керектөөчү электр энергиясы үчүн чыгымдарды республикалык бюджеттен каржылоо жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 11-март 2022-жылдагы “Жергиликтүү бюджеттеринде каржылоодо турган мекемелердин керектөөчү электр энергиясы үчүн чыгымдарын республикалык бюджеттен каржылоо” жөнүндөгү жобону бекитүү боюнча №126 токтомун ишке ашыруу максатында Ноокат шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ноокат шаарынын аймагындагы мекеме-ишканалардын керектөөчү электр энергиясынын лимити бекитилсин.

2.Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Ноокат шаарынын мэри Ж.Тиллаевке, Ноокат шаардык мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы М. Абдивахидовго милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын жетекчиликке алуу Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Х.А.Маткосимовго жүктөлсүн.

**Төрага:-** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы**

**VI чакырылыш XXVII сессиясынын №XXVII-8 токтомуна 1-тиркеме**

## Ноокат шаар мэриясындагы мекеме ишканалар жана мэриянын 2024-жылга керектелүүчү электр энергиясы

| № | Шаарды аталышы | Мекемелер-дин саны | Жылдык керектөө | | анын ичинде кварталдар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 | | 2 | | 3 | | 4 | |
| | | | лимит кВт. С | миң сом | лимит кВт. С | миң сом | лимит кВт. С | миң сом | лимит кВт. С | миң сом | лимит кВт. С | миң сом |
| 1 | Ноокат шаары | 11 | 2986,9 | 10155,5 | 1184,22 | 4026,348 | 326,74 | 1110,916 | 310,08 | 1054,272 | 1165,86 | 3963,924 |
| 2 | Бардыгы | 11 | 2986,9 | 10155,5 | 1184,22 | 4026,348 | 326,74 | 1110,916 | 310,08 | 1054,272 | 1165,86 | 3963,924 |

Ноокат шаар мэриясындагы мекеме ишканалар жана мэриянын 2024-жылга керектөөчү электр энергиясы

| № | Шаарды аталышы | Мекемелердин саны | Жылдык керектөө | | анын ичинде кварталдар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 | | 2 | | 3 | | 4 | |
| | | | лимит кВт. С | миң сом | лимит кВт. С | миң сом | лимит кВт. С | миң сом | лимит кВт. С | миң сом | лимит кВт. С | миң сом |
| 1 | Ноокат шаары | 1 | 26,6 | 90,4 | 9,9 | 33,7 | 3,6 | 12,2 | 3,8 | 12,9 | 9,3 | 31,6 |
| 2 | Сш им Крупская | 1 | 130,0 | 442,0 | 54,4 | 185,0 | 10,8 | 36,7 | 10,8 | 36,7 | 54,0 | 183,6 |
| 3 | Сш им Абдуваитов | 1 | 65,5 | 222,7 | 24,9 | 84,7 | 7,9 | 26,9 | 8,2 | 27,9 | 24,5 | 83,3 |
| 4 | Сш им Самиев | 1 | 190,0 | 646,0 | 76,1 | 258,7 | 19,0 | 64,6 | 18,9 | 64,3 | 76,0 | 258,4 |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Сш им Абдуллаев | 1 | 160,0 | 544,0 | 70,0 | 238,0 | 12,0 | 40,8 | 12,0 | 40,8 | 66,0 | 224,4 |
| 6 | Ынтымак | 1 | 27,7 | 94,2 | 9,9 | 33,7 | 3,6 | 12,2 | 3,8 | 12,9 | 10,4 | 35,4 |
| 7 | Интернат | 1 | 28,5 | 96,9 | 10,5 | 35,7 | 3,0 | 10,2 | 4,0 | 13,6 | 11,0 | 37,4 |
| 8 | дет сад К.Датка | 1 | 65,0 | 221,0 | 24,9 | 84,7 | 7,9 | 26,9 | 8,2 | 27,9 | 24,0 | 81,6 |
| 9 | Дет сад У. Салиева | 1 | 63,9 | 217,3 | 22,8 | 77,5 | 9,4 | 32,0 | 7,7 | 26,2 | 24,0 | 81,6 |
| 10 | Дет сад Саламат | 1 | 59,8 | 203,3 | 24,9 | 84,7 | 7,9 | 26,9 | 3,0 | 10,2 | 24,0 | 81,6 |
| 11 | Дет сад Растишка | 1 | 24,7 | 84,0 | 7,1 | 24,1 | 5,4 | 18,4 | 5,4 | 18,4 | 6,8 | 23,1 |
| 12 | Спорт школа | 1 | 36,8 | 125,1 | 12,9 | 43,9 | 5,6 | 19,0 | 5,4 | 18,4 | 12,9 | 43,9 |
| 2 | Бардыгы | 12 | 878,5 | 2986,9 | 348,3 | 1184,2 | 96,1 | 326,7 | 91,2 | 310,1 | 342,9 | 1165,9 |

**Ноокат шаардык кеңешинин**

**жооптуу катчысы:** **М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №11**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары 06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарынын аймагындагы билим берүү мекемелерине мыйзамсыз жат көрүнүштөрдөн сактоону жана коопсуздук маселесин алдын алуу үчүн акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө.**

Ноокат шаарынын аймагындагы билим берүү мекемелерине мыйзамсыз жат көрүнүштөрдөн сактоону жана коопсуздук маселесин алдын алуу үчүн акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1.Ноокат шаар мэриясынын 2024-жылдын бюджетинин үнөмдөлгөн акча каражатынын эсебинен Ноокат шаарынын аймагындагы билим берүү мекемелерине мыйзамсыз жат көрүнүштөрдөн сактоону жана коопсуздук маселесин алдын алуу үчүн 500 000 (беш жүз миң) сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты А.Б.Орозалиевага тапшырылсын.

**Төрага:- Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №12**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**“Ноокат шаарында маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү жайгаштыруунун жана пайдалануунун ЭРЕЖЕЛЕРИ жөнүндө” жобону бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясынын “Ноокат шаарында маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү жайгаштыруунун жана пайдалануунун ЭРЕЖЕЛЕРИ жөнүндө” жобону бекитип берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. “Ноокат шаарында маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү жайгаштыруунун жана пайдалануунун ЭРЕЖЕЛЕРИ жөнүндө” жобо №1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ноокат шаарынын аймагында жарнакты жайгаштыруу жана пайдаанууда менчигинин түрүнө карабастан баардык жеке жана юридикалык жактар ушул жобону жетекчиликке алышсын.
3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик жана укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты З.Ю.Имамовго тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №12 токтомуна №1 тиркеме**

**Ноокат шаарында маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү жайгаштыруунун жана пайдалануунун ЭРЕЖЕЛЕРИ**

## I.Жалпы жоболор

1. Ноокат шаарында маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү жайгаштыруунун жана пайдалануунун Эрежелери (мындан ары-Эрежелер) Кыргыз Республикасынын “Жарнама жөнүндө”, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Мамлекеттик тил жөнүндө”, “Шаар курулушу жана архитектура жөнүндө” Мыйзамдарга, Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 8-сентябрындагы “Ноокат шаарынын статусу жөнүндө” №214 мыйзамы, жергиликтүү жамааттын уставы жана башка колдонуудагы нормативдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан жана Ноокат шаарынын аймагында менчигинин түрүнө карабастан жер тилкелеринде, имараттарда жана курулмаларда, же болбосо башка кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө маалыматтык-жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштыруу жана пайдалануу боюнча талаптарды, техникалык талаптарды, ошондой эле маалыматтык жана жарнамалык түзүмдөрдү бузуунун тартибин жөнгө салат.

2. Бул Эрежелерди сактоо Ноокат шаарында менчигинин түрүнө карабастан маалыматтык жана жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштырууда жеке жана юридикалык баардык тараптар милдеттүү.

3. Ноокат шаарынын аймагында маалыматтык жана жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштыруу жана пайдалануу бул Эрежелерде белгиленген тартиптерге туура келбесе андагы талаптардын бузулушуна жол берилбейт.

Бул Эреже жол кыймылынын белгилери менен көчө-жол тармагынын көрнөктөрүнө таасир этпейт.

## II.Негизги түшүнүктөр жана аныктамалар

4. Бул Эрежелерде төмөндөгүдөй негизги түшүнүктөр жана аныктамалар пайдаланылат:

**архитектуралык-техникалык документация** – маалыматтык жана жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштырууга жана пайдаланууга укуктуу тастыктаган текстик жана графикалык материал камтылган белгиленген түрдөгү документ (архитектуралык-техникалык корутунду);

**жарнамалык түзүмдүн ээси** – жарнамалык түзүмгө мүлктүк укугу бар жарнамалык түзүмдүн ээси, же жарнамалык түзүмгө анын ээси менен келишим аркылуу ээлик кылган жеке, же болбосо юридикалык тарап;

**маалыматтык жана жарнамалык түзүмдүн дизайн-долбоору (эскиз)** – так жайгашкан жери, маалыматтык жана жарнамалык түзүмдүн өлчөмдөрү менен андагы сүрөттөр жөнүндө текст жана графикалык түрдөгү маалымат камтылган документтердин комплектиси (графикалык материал, же фотомантаж);

**маалымат** – берилүүсүнүн түрүнө карабастан калкка маалымат жеткирүүгө багытталган жана жарнамалык мүнөздө болбогон маалымат (билдирүүлөр, маалыматтар);

**жарнама** – адамдардын белгисиз чөйрөсүнө дарektелген жана жарнамалык объектиге көңүл буруууларына багытталган, же ага кызыгууну колдоону калыптандырган жана анын рыноктогу алгалашына багытталган, болгон мүмкүнчүлүктөр, түркүн түрдөгү каражаттарды пайдалануу менен жайылтылуучу маалымат;

**жарнама таратуучу** – жарнаманы ар кандай жол менен ар кандай түрдө жана ар кандай каражаттарды пайдалануу менен таркатуучу адам;

**жарнамалык аянт** – жарнаманы көрсөтүү жана жайылтуу үчүн пайдаланылган жарнамалык түзүмдүн аянты;

**сырткы маалыматты жана жарнаманы таратуу** - маалыматтык же жарнамалык түзүмдү пайдалануу жолу менен сырткы маалыматты жана жарнаманы көпчүлүккө көрсөтүү;

с**оциалдык жарнама** – ар кандай жол менен ар кандай түрдө жана ар кандай каражаттарды пайдалануу менен таркатылган, адамдардын белгисиз чөйрөсүнө дарektелген жана кайрымдуулукка жана башка коомдук пайдалуу максаттарга багытталган, ошондой эле мамлекеттик кызыкчылыкты камсыз кылган маалымат;

**ыйгарым укуктуу орган** – Ноокат шаарынын мэриясынын маалыматтык жана жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштыруу жана сырткы жарнама менен маалыматты таркатуу маселелерин жөнгө салууга ыйгарым укук берилген түзүмдүк бөлүм.

**Брайл шрифти** - азиздер жана көрүүсү начар адамдар жазып жана окуй турган рельефтик чекиттүү тактилдик шрифт.

## III. Маалымат менен жарнаманы жайгаштыруунун жана таркатуунун ыкмалары

5.Маалымат менен жарнаманы жайгаштыруу жана таркатуу төмөндөгүлөрдү пайдалануу менен ишке ашырылат:

-маалыматтык жана жарнамалык түзүмдөрдү;

-унаа каражаттарын;

-жол боюндагы инфраструктура менен көрктөндүрүү элементтерин;

-стационардык эмес.

5.1. **Маалымат жана жарнама түзүмдөрдөгү жарнама** - маалымат жана жарнама түзүмдөрүндө жайылтуу үчүн жайгаштырылган ушул Эрежелер менен аныкталган жарнама.

5.2. **Унаа каражаттарындагы жарнама** – ар кандай унаа каражаттарында – жеңил же жүк ташуучу автомобилдин, автобустун сырткы беттерине жайгаштыруу менен таркатылуучу жарнама.

5.3. **Инфраструктура жана көрктөндүрүү объектилериндеги жарнама** – шаардык коомдук унаанын аялдама комплекстеринин түзүмдөрүнө, чакан архитектуралык формаларга, жол боюндагы жарыктандыруучу жана башка түркүктөргө жайгаштырылуучу жарнама.

Инфраструктура жана көрктөндүрүү объектилериндеги жарнама түзүмүнүн маалыматтык аянты анын эки тарабынын жалпы аянты менен аныкталат.

Инфраструктура жана көрктөндүрүү объектилериндеги жарнама түзүмдөрү ички жарыктандыруусу менен болууга, электр тармагынан ажыратуучу авариялык жабдуусу болуусу жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берүүсү керек.

5.4. **Стационардык эмес объектилердеги жарнама** – стационардык эмес объектилердин түзүмдүк элементтериндеги жарнама (павильон, киоск, тосмо ж.б.).

Стационардык эмес объектилердеги жарнама түзүмүнүн маалыматтык аянты пайдаланылуучу тараптардын жалпы аянты менен аныкталат. Жарнама түзүмдөрү ички жарыктандыруусу менен болууга, электр тармагынан ажыратуучу авариялык жабдуусу болуусу жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берүүсү керек.

5.5.Маалымат менен жарнаманы жайылтуу төмөнкүлөрдү пайдалануу жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн:

-басмакананын кыймылсыз постерлери (кагаз, винил ж.б.);

-сүрөттөрдү алмаштыруунун динамикалык тармактарындагы постерлер (роллердик өзгөрүп туруучу тармактардагы же бурулма панелдер тармагы – призматрондор ж.б.);

-электрондук жана проекциялык жабдуулар.

## IV. Маалыматтык түзүмдөр. Маалыматтык түзүмдөрдү жайгаштыруунун түрлөрү жана талаптары

6.Маалыматтык түзүм – жарнамадан тышкары маалыматты таркатууга багытталган түзүмдөр, курулмалар, ылайыкташтырылган техникалар, көркөм элементтер жана башка алып жүрүүчүлөр.

Ушул Эрежелер менен маалыматтык түзүмдөрдүн төмөнкү түрлөрү аныкталган:

6.1. **Витрина** – товарлар менен тейлөөлөрдү көрсөтүү, сатып алуучулар тарабынан алардын мазмуну жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө, анын уюштурушу жөнүндө маалыматты жайгаштырууга арналган имараттын, курулмалардын айнектелген бөлүгү.

Витрина сөзсүз түрдө товарлардын өзгөчөлүгүн көрсөткөн, кечкисин жарыктандырылып турган жана товарлар менен жасалгаланышы зарыл.

Витринага сатылып жаткан баардык товарлар жана тейлөөлөр жөнүндө каалагандай маалымат жайгаштырууга уруксат берилет, бирок товарлар жөнүндө маалымат саны жана көлөму боюнча жогору болууга тийиш (70% жана андан жогору).

Витринага жалпы мамлекеттик же шаардык майрамдарга жана башка коомдук иш-чараларга байланышкан майрамдык маалыматты жайгаштырууга уруксат берилет.

Эгерде витринанын ички тарабына панно (плакат ж.б.) жайгаштырылган учурда витрина жарнак катары каралат.

Витринанын ички тарабында жайгаштырылган витрина түзүмдөрүнө кийинки аралык айнектелген витринадан 15 см аралыктан кем эмес болууга тийиш.

Айнектелген витринанын ички тарабына коюлуучу витриналык түзүмдүн, же жарнак панносунун (электрондук алып жүрүүчүлөрдү кошкондо – экрандар жана таблолор) эң чоң өлчөмү бийиктиги боюнча айнектелген витринанын

жарымынан жана узундугу боюнча айнектелген витринанын жарымынан ашпоого тийиш.

6.2. **Көрнөк** – жеке жана юридикалык тараптар жайгашкан, же өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жердеги имараттын, курулмалардын жана стационардык эмес соода объектилеринин кире беришине жайгаштырылган маалымат тактасы.

Көрнөк – белгисиз адамдардын чөйрөсүн жеке адам жөнүндө маалымат, же юридикалык тараптын аталышын ишмердүүлүгүн көрсөтүү менен маалымдоо үчүн багытталган такта.

Көрнөктөрдөгү маалымат биринчи кезекте мамлекеттик тилде андан кийин расмий тилде, зарыл болгон учурларда башка тилде жасалгаланат.

Бул учурда башка тилдердеги жазылган жазуулардын өлчөмү мамлекеттик тилдин текстиндеги тамгаларынын өлчөмүнөн ашпоого тийиш.

Көрнөктөрдө декоративдик элементтерди, ошондой эле товарлардын белгиси, же тейлөөнүн белгиси катары белгиленген тартипте катталган тексти, графикалык сүрөттөр менен башка комбинациялардын жайгаштырылышына жол берилет, бул учурда:

-көрнөк жарнама катары колдонуусу тийиш эмес;

-эгерде имараттын баардыгы түзүмдүн ээсинин менчигинде болбосо экинчи кабаттагы терезелердин ылдыйкы деңгээлинен жогору болбоого тийиш;

-дубалдан 25 см аралыктан ашык чыкпоого тийиш;

-имараттын алдынкы бөлүгүнүн 1/6 бөлүгүн ээлөөгө тийиш эмес;

-кечки мезгилде жарыктын жеке ички же сырткы булактары менен жарыктандырылуусу тийиш.

6.3.**Каттоо такталары** – уюмдун юридикалык катталган толук аталышын, ведомстволук таандыгын чагылдырат. Каттоо такталары имараттын кире беришине жайгаштырылат. Каттоо тактасынын аянты 1,5 чарчы метрден ашпоого тийиш.

Ишкананын, мекеменин, уюмдун жана жайдын аталышы милдеттүү түрдө мамлекеттик жана расмий тилдерде жасалгаланат.

6.4. **Маалыматтык тактачалар** – уюм жөнүндө маалыматты иш убактысын чагылдыруу менен кире бериш эшикке, же витриналардын айнектерине келгендерге жакшы көрүүнү камсыздаган бийиктикте орнотулуусу мүмкүн.

Маалымат тактачасынын аянты 1,0 чарчы метрден, же 0,3 чарчы метрден кем болбоого тийиш жана тактачалардагы тамгалардын төмөнкү бийиктиги 2 сантиметрден кем болбоого тийиш.

6.5. **Көрсөткүчтөр** – көчөлөрдүн, аянттардын, өтмөктөрдүн, кыска көчөлөрдүн, долбоорлонуп жаткан (номердик) өтмөктөрдүн, проспектилердин, шосселердин, жээктердин, сеил бактарынын, туюк жайлардын, бульварлардын, аллеялардын, көпүрөлөрдүн, эстакадалардын аталыштары жана үйлөрдүн номерлери (көчө көрнөктөрү); картографиялык маалымат, жүргүнчүлөрдү ташуучу шаардык унаанын жүрүүчү жолдору жана күн тартиби, мамлекеттик жана муниципалдык органдардын жайгашкан жерлери.

Көчө көрнөктөрүндөгү тексттер (жазуулар) мамлекеттик тилде жазылат.

Баардык имараттарга жана үйлөргө алардын тиешелүүлүгүнүн, баш ийүүсүнүн жана андагы жашаган жарандардын санына карабастан ирээти менен номер тагылуусу тийиш.

Убактылуу жашоо үчүн курулган курулмаларга (короолор, кампалар, отканалар ж.б.) номер коюлбайт.

Көрнөк тактачаларынын, имараттардын, көп кабаттуу уйлөрдүн кире бериштерине орнотулган тактачалардын тиешелүү абалда орнотулушу жана сакталышы алардын ээлерине жүктөлөт.

Имараттарга номер берүү төмөндөгүдөй тартипте жүргүзүлөт:

-түштүктөн түндүккө багыты бар көчөлөр үчүн – имараттардын номерлеринин жогорулашы түндүктү карай жүргүзүлөт;

-батыштан чыгышты карай багыты бар көчөлөр үчүн – имараттардын номерлеринин жогорулашы чыгышты карай жүргүзүлөт.

Мында жуп сандуу номерлер түштүктөн түндүккө карай багыт алган көчөлөр үчүн көчөнүн батыш тарабында, ал эми чыгыштан батышка карай багыт алган көчөлөрдүн түштүк тарабына берилет. Так номерлер ушундай эле ирээтте көчөлөрдүн чыгыш жана түндүк тарабына берилет.

Бульварлардын, проспектилердин, көчөлөрдүн кесилиштериндеги имараттарга эки номер белгиси жана көчөлөрдүн аттары жазылган тактачалар берилип, алардын бири имараттын кире беришине тагылса, экинчиси имараттын башка жагына тагылат. Калган имараттарга бирден эле номер берилет. Кварталдын ичиндеги имараттар жарыяга ээ эмес.

Кварталдын ичиндеги имараттардын кире беришиндеги номер белгилери жерден 3 м бийиктикте жана бурчтан 20 см алыстыкта, номерлердин өсүү тарабын карай илинет. Чатырына чейин 3,5 метрден кем имараттарда номер белгилери чатырдын алдынан 20 см, же чатырдын айырмачтарынан 40 см төмөндүктө илинет.

Жарыялар (аншлаг) бурчтан 20 см алыстыктагы номер белгилеринин алдына илинет.

Жаңы жарыяларды (аншлагдарды) жана номерлерди имараттарга илүү учурунда алардын эскилери алынып ташталат.

6.6.**Навигациялык модулдар** – жер участокторундагы жана калктуу конуштун аймагын пландоону уюштуруу жөнүндө маалыматты камтыган, инфраструктура, маданий жана тарыхый эстеликтердин, шаардык мекемелер менен уюмдардын, аймактык жана муниципалдык маанидеги (менчик мамыларына, шаардык жарык берүүчү мамыларга, байланыш тармагынын мамыларына) пайдалануу рыногунун ишканалары менен объекттеринин жер тилкелеринде жайгашкан түркүктөргө орнотулуучу эки тараптуу түзүм.

6.7.**Маалыматтык такта** – өзүнчө турган менчик түркүгүнө орнотулган көрктөндүрүүнүн маалыматтык жалпак элементи.

Маалыматтык тактлар көп кабаттуу үйлөрдүн, турак үйлөрдүн, мекемелер менен ишканалардын имараттарынын кире бериштеринде, ошондой эле Ноокат шаарынын калкын маалымдоо үчүн багытталган муниципалдык менчик жерлеринде жайгаштырылат.

Маалымат такталарынын эң чоң өлчөмү түзүүгө тийиш:

-бийиктиги – 1,05 м;

-узундугу – 0,75 м.

## V. Жарнамалык түзүмдөр. Жарнамалык түзүмдөрдү жайгаштыруунун түрлөрү жана талаптары

7.Жарнамалык түзүмдөр – Ноокат шаарынын аймагында жарнаманы таркатуу максатында орнотулган такталар, плакаттар, кермелер, жарык жана электрондук таблолор, ар кандай нерселерге, аба шарларына, аэростаттарга ж.б. техникалык каражаттарга сырткы жарнаманы көрсөтүүгө багытталган проекциялык ж.б. жабдуулар.

8.Жарнама түзүмдөрү жайгаштырылышынын түрлөрү боюнча төмөндөгүдөй бөлүнөт:

-өзүнчө турган (менчигинин түрүнө карабастан жер тилкелеринде жайгаштырылган);

-менчигинин түрүнө карабастан кыймылсыз мүлк объектилерине (имараттар, курулмалар ж.б.) кошулуучу каражаттар;

-жеке долбоорлор боюнча талаптан тышкары аткарылгандар ( аба шарлары, аэростаттар ж.б. түрлөрү).

9.Өзүнчө турган жарнамалык түзүмдөр төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: чакан форматтуу, орто форматту, чоң форматтуу жана ири форматтуу.

10.Чакан форматтууга 6 чарчы метр жарнама аянты бар төмөндөгүдөй жарнама түзүмдөрү кирет:

10.1.**Туунун сабы** – мамлекеттик жана фирмалык тууларды илүүчү түзүм, имараттар менен курулмалардын дубалдарына атайын кронштейндерге, ошондой эле жер тилкелериндеги өзүнчө турган түркүктөргө орнотулат.

Өзүнчө турган жарнама түзүмү пайдубалдан, таканчык рамасынан, тике түркүктөрдөн жана жумшак кездемеден турат жана тууну көтөрүү үчүн бийиктигин жөнгө салуучу жабдуу менен жабдылган.

Пайдубал эки түрдө жасалышы мүмкүн: бетондун негизинде, же асылма салмагы бар рама менен.

Жарнама аянты айрым турган туулардын баардык тараптарынын курамы менен аныкталат.

Мамлекеттик жана фирмалык туулар туруктуу илинип турушу мүмкүн. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусу менен Ноокат шаарынын туусу кездеменин өлчөмү боюнча орнотуу бийиктиги боюнча башка туулардан кичине жана төмөн болуусу мүмкүн эмес. Туулар эскилиги боюнча жаңылануuга же алынып коюуга тийиш.

Жарнамалык сүрөттүн (кездеме) өлчөмү 1,2 м х 0,6 м ашпоого тийиш. Туунун саптарынын саны 5 даанадан ашпоого тийиш.

10.2.**Стрит баннери** (көчө баннери) – Шаардын көчөлөрүн жарыктандыруучу түркүктөргө орнотулуучу баннерлерди илүүгө ылайыкталган түзүм. Жарнама түзүмү жарнаманы жайгаштырууга багытталган жумшак кездемеден жасалган керме элементтеринен турат жана жарыктандырылбайт.

Жарнама аянты пайдаланылган тараптардын аянты менен аныкталат.

Стрит толугу менен же жарым жартылай жолдун үстүнкү бөлүгүнө жайгашбоого тийиш. Стрит баннердин төмөнкү жагы жерден 2,5 метрден ылдый болбоого тийиш.

Жолду бөлгөн түркүктөн башка, бир түркүктө бирден ашык стрит баннерди орнотууга жол берилбейт.

Стрит баннердин өлчөмү 1,0 м х 3,0 м ашпоого тийиш

10.3.**Сити-формат** (шаардык формат) - тротуарларга жайгаштырылган, ички жарыктандыруусу бар, жарнамалык эки тараптуу обочо турган жарнамалык түзүм.

Жарнамалык сүрөттүн өлчөмү (бир тарабы): 1,2 м х 1,8 м.

Сити-форматтын жарнамалык аянты анын эки тарабынын жалпы аянты менен аныкталат.

10.4**.Пиллар** – үч же төрт кырдан турган, ички жарыктандыруусу бар, обочо турган жарнамалык түзүм. Анын ар бир тикелей кеткен жарнамалык аянты 1,4 м х 3,0 м өлчөмүндө болууга тийиш.

Жарнамалык аянт пайдаланылган тараптардын жалпы аянты менен аныкталат.

10.5.**Тумба** – түтүк түрүндөгү, ички жарыктандыруусу бар, обочо турган жарнама түзүмү, жарнамалык аянты 3,0 метрге чейин бийиктикте болот.

Жарнамалык аянт пайдаланылган тараптардын жалпы аянты менен аныкталат.

10.6.**Панель-кронштейн** – имараттар менен курулмаларга туурасынан, ошондой эле шаардын көчөлөрүн жарыктандырган түркүктөргө тикесинен орнотулган ички, же сырткы жарыктандыруусу бар, эки тараптуу жарнамалык түзүм.

Жарнамалык аянт пайдаланылган тараптардын жалпы аянты менен аныкталат.

Панель-кронштейн ишкананын көрнөгү менен бир деңгээлде орнотулуп, өчүп күйүүчү булактары жок болууга тийиш. Бир тараптуу панель-кронштейндерди орнотууга жол берилбейт.

Панель-кронштейнди орнотуучу ишкананын кире бериш тарабынын узундугу 20 метрден кем болсо бирден ашык панель-кронштейн орнотууга жол берилбейт. Эгерде ишкананын кире бериш тарабынын узундугу 20 метрден ашык болсо кошумча панель кронштейн орнотууга уруксат берилет (кире бериш тарабынын ар бир 15 метр узундугунда).

Панель-кронштейндин төмөнкү бөлүгү жерден 2,5 метр бийиктиктен кем болбоого тийиш. Панель-кронштейн толугу менен, же жарым жартылай 2-кабаттын терезелеринин төмөнкү бөлүгүнөн жогору орнотулууга тийиш эмес.

Өлчөмү 1,2 м х 0,8 м, калыңдыгы 5 см кем эмес жана 20 см ашык эмес болууга тийиш.

10.7.**Жарыя тактасы (афишалык такта)** – тротуарларга жайгаштырылган 1 же 2 маалымат аянттары бар жарнамалык түзүм.

Жарыя тактталары театрлардын, кино театрлардын репертуарлары, спорттук ж.б. массалык иш-чаралар коомдогу окуялар, маданий оюн-зоок, спорттук ден соолукту чыңдоочу мүнөздөгү маалыматтар менен жарнаманы жайгаштырууга багытталган атайын жарыя тактасы.

Жарыя тактларында жарыя материалдарынан тышкары тиешелүү иш-чаралардын демөөрчүлөрү жөнүндө маалымат камтылышы мүмкүн.

Жарыя тактасынын бир тарабындагы маалымат аянтынын өлчөмү 1,8 м х 1,75 м түзөт. Жарыя тактасынын маалымат аянты анын тараптарынын жалпы аянты менен аныкталат.

Жарыя тактасынын пайдубалы эки түрдө болуусу мүмкүн: жер менен тең жана жерден жогорку. Жерден жогорку пайдубалды пайдаланган учурда пайдубал милдеттүү түрдө жарыя тактасынын дизайнына төп келген атайын форма боюнча декоративдүү материал менен беттелет.

10.8. **Чакан форматтагы жарнама түзүмдөрүнө талаптар:**

Пайдубалы эки түрдө болуусу мүмкүн: жер менен тең жана жерден жогорку.

Түзүм жогорку сапатта аткарылууга, узакка пайдаланууга, чогултуп кайра бузууда жөнөкөй, дат баспаган, бөөдө сындыруудан корголгон материалдардан болууга тийиш.

Айнек беттери коопсуз айнекти колдонуу менен жасалат.

Түзүмдүн металл элементтери дат басуудан 5 жылдан кем эмес мөөнөткө ченемдик кепилдиги бар мезгил-мезгили менен сырдоону талап кылбаган, ысытылган цинк порошогун колдонуу менен сырдалуусу тийиш.

Чакан форматтагы каражаттардын шайкештик сертификаты болууга тийиш.

11.Орто форматтагы жарнама түзүмдөрүнө жарнамалык аянты 12 чарчы метрге чейинки төмөнкү жарнама түзүмдөрү кирет:

11.1.**Пиллондор (бурулуштардагы)** – жолдун кесилиштерине орнотулган жана жарыктандырылуусу жок, обочо турган такта жарнама түзүмү.

Жарнамалык аянттын өлчөмү 1,0 м х 6,0 м.

Жарнамалык аянт пайдаланылган тараптардын жалпы аянты менен аныкталат.

11.2.**Ситиборд** – жарнаманы жайгаштыруу үчүн атайын багытталган, ички жана сырткы жарыктандырылуусу бар, обочо турган жарнама түзүмү.

Ситиборд жарнамалык аянттын өлчөмү 3,0 м х 4,0 м ашпоого тийиш.

Ситиборддун жарнамалык аянты анын пайдаланылган тараптарынын жалпы аянты менен аныкталат.

11.3.**Жарык кутусу (лайтбокс)** – имараттар менен курулмалардын кире бериш тарабына орнотулуучу, ички жарыктандырылуусу бар жарнама түзүмү. Жарык кутучасы рама түрүндөгү конструкциядан турат жана маңдайкы бети жарнама алып жүрүүчү болуп эсептелет.

Жарнамалык аянты пайдаланылган аянт менен эсептелет.

Жарык кутусу имараттын кире бериш тарабынын үстүнө орнотулат жана 25 см жогору чыкпоого тийиш.

11.4.**Маркиздер** – бастырманын кырлары түрүндө жасалып, жарнамалык маалымат жайгаштырылуусу менен имараттар менен курулмалардын витриналарынын кире бериш тарабына, же оюкчаларынын үстүнө орнотулган сырткы жарнама жана маалымат каражаты. Маркиздер жумшак жана катуу негизде жасалуу менен имаратка бекитилүүчү элементтерден, маалыматтык аянттан турат.

Маркиздердин маалымат аянты тартылган сүрөттөрдүн өлчөмдөрү менен аныкталат.

Маркиздер биринчи жана экинчи кабаттын аралыгында, биринчи кабаттагы терезелердин үстүндө туурасынан жайгаштырылат. Маркиздер бир түзүмдүн өз ара байланышкан элементтери бар комплекс түрүндө жайгаштырылышы зарыл.

11.5.**Орто форматтагы жарнамалык каражаттарга талаптар:**

Пайдубалы жер бетинен чыкпай, жол бетинен ашпоого, газондон 150 мм ашыгыраак болбоосу тийиш.

Бурулуштун жалпы бийиктиги жол бетинин деңгээлинен 1,2 метрден жогору болбоого тийиш.

Ситибордду айнектөө үчүн материалдар коопсуздукту эске алуу менен колдонулуусу тийиш.

12.Чоң форматтагы жарнама түзүмдөрүнө жарнамалык аянты 36 чарчы метрге чейинки төмөнкү жарнама түзүмдөрү кирет:

12.1.**Билборд(жарнама тактасы)** – жарнама жайгаштырууга атайын багытталган сырткы аянты бар, обочо турган такта түзүмү.

Жарнама аянтынын өлчөмү: 6,0 м х 3,0 м, 4,0 м х 9,0 м.

Тактанын жарнамалык аянты анын пайдаланылган тараптарынын жалпы аянты менен аныкталат.

12.2.**Чон форматтагы жарнама каражаттарына талаптар:**

Жарнамалык түзүмдүн пайдубалы жол бетинен ашпоого, газондон 150 мм ашыгыраак болбоосу тийиш.

Бир тараптуу жасалган түзүмдүн арткы бети декоративдүү жасалгалануга жана ички, же сырткы жарыктануусу болууга тийиш.

Өлчөмү 4,0 м х 9,0 м болгон түзүмдөр көчөлөрдү бөлүүчү тилкелерде гана жайгаштырылат.

Жер тилкелеринде орнотулган чон форматтагы түзүмдөр бир жылда бир жолудан кем эмес тиешелүү иштерди жүргүзүүгө лицензиясы бар адистештирилген уюмдардан техникалык кароодон өтүшү керек.

13. Ири форматтагы жарнама түзүмдөрүнө жарнамалык аянты 36 чарчы метр, же андан жогору жарнама түзүмдөрү кирет:

13.1.**Суперборд** – жарнама жайгаштырууга атайын багытталган сырткы аянты бар, обочо турган такта түзүмү.

Суперборддун бир тарабынын жарнама аянтынын өлчөмү: 12,0 м х 4,0 м түзөт.

Тактанын жарнамалык аянты анын тараптарынын жалпы аянты менен аныкталат.

13.2.**Мегаборд (суперсайт)** - жарнама жайгаштырууга атайын багытталган сырткы аянты бар, обочо турган такта түзүмү.

Суперсайттын маалымат талаасынын бир тарабынын өлчөмү 15,0 м х 5,0 м.

Жарнамалык аянты анын пайдаланылган тараптарынын жалпы аянты менен аныкталат.

13.3.**Арка** - жарнаманы жайгаштыруу үчүн сырткы аянты бар, пайдубалдан, рамкадан жана жарнамалык аянттан түзүлгөн, обочо турган жарнама түзүмү.

Жарнама түзүмүнүн орнотулган жериндеги мамылардын аралыктары тиги же бул технологиялык, инженердик шарттарга жана жайгашкан жеринин көрүнүшүнө жараша өзгөрүлүп туруусу мүмкүн жана бул учурда түзүмдүн ушул түрүндөгү жарнама аянтынын өлчөмдөрүнө ири форматтагы жарнама каражаттарынын баардык талаптары таркатылат.

Арканын жарнамалык аянты анын пайдаланылган тараптарынын жалпы аянты менен аныкталат.

13.4.**Брандмауэрное панно (дубал паннолору**) – терезе тешиктери, витриналары, архитектуралык деталдары, декоративдик дизайны жок имараттардын жана курулмалардын бош каптал бетине жайгаштырылган жарнама түзүмү, түрү:

-сүрөт, түздөн-түз дубалга тартылган;

-бекитүүчү элементтен, рамкадан жана жарнама аянтынан турган түзүм.

Дубал панносунун жарнама талаасынын аянты түзүмдүн, же түздөн-түз тартылган сүрөттүн өлчөмдөрү менен аныкталат.

Ташуу учурунда коопсуздукту сактоо максатында бекитүүчү элементтери бар брандмауэр паннолору үчүн түзүмдү бекитүүгө долбоор иштеп чыгуу милдеттүү болуп саналат.

Брандмауэр паннолору жарыктандырылышы керек.

13.5.**Медиа-фасаддар** – жарнамалык материалдарды көрсөтүүгө декоративдик архитектуралык деталдары жок имараттардын, курулмалардын дубалдарынын бетине, же дубалдын пластикасын кайталаган металл рамкага түздөн-түз жайгаштырылган ири форматтагы жарык өткөрүүчү жарнама түзүмү (дисплей).

Медиа-фасаддын конструкциясы металл, же полимердик тордон турат, ага интегралдык, светодиоддук аппараттар орнотулуп, сүрөттү көрсөтөт.

Медиа-фасаддын жарнама талаасынын аянты жарнама талаасынын өлчөмүнө жана көрсөтүлгөн сүрөттөрдүн санына жараша жекече аныкталат.

Жарнамалык түзүмдү медиа-фасад түрүндө жайгаштырууда терезелердин табигый жарыктандыруусу жана нормативдик инсоляциясы бузулбашы керек.

Конкреттүү имаратка медиа-фасадды жайгаштыруу үчүн аны ташуу учурунда коопсуздукту камсыз кылуу максатында бүтүндөй имараттын жарнама

жасалгалоосунун комплекстүү дизайн-долбоору (эскизи) жана түзүмдүн (тордун) техникалык документтери иштелип чыгат.

Медиа-фасаддар авариялык өчүрүү системасы менен жабдылышы жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп бериши керек.

Күндүзгү убакта медиа-фасаддардагы сүрөттөрдү көрсөтүү динамикалык эффектерди колдонуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Бирок түнкүсүн динамикалык эффектерди колдонуу менен медиа-фасаддарда сүрөттөрдү көрсөтүүгө тыюу салынат.

Түнкүсүн медиа-фасадтарындагы сүрөттү өзгөртүү 1 мүнөттө бир жолудан ашык эмес жүргүзүлүшү керек, сүрөттү өзгөртүүнүн узактыгы 10 секунддан ашык болушу керек жана жарыкты нөлгө чейин акырын азайтуу жана андан кийин жарыкты акырындык менен жогорулатуу жолу менен жүзөгө ашырылат.

13.6.**Стелы** – юридикалык жактарды, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекелештирүү үчүн пайдаланылуучу, көп ишти аткарган комплекстерди, соода жана оюн-зоок борборлорун жайгаштыруу жана иштетүү үчүн юридикалык жактар жайгашкан жерден тышкары жер тилкелерине же аларга жанаша жайгашкан аймактарга орнотулган, жарнаманы жайгаштыруу үчүн сырткы аянты бар, обочо турган жарнама түзүмү.

Стелалар пайдубалдан, түркөктөн, рамкадан, маалымат талаасынан турат жана ички, же тышкы жарыктандырууга ээ. Стеланын капталдарынын саны төрттөн ашпоого тийиш.

Стеланын төмөнкү түрлөрүн орнотууга уруксат берилет:

- чоң (бийиктиги 30 м);
- орто (бийиктиги 20 м);
- кичинекей (бийиктиги 15 м)

Стеланын пайдубалы тротуардын деңгээлинен же жер деңгээлинен чыгып кете албайт. Стела авариялык өчүрүү тармагы менен жабдылышы жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп бериши керек.

Жарнамалык аянты анын пайдаланылган тараптарынын жалпы аянты менен аныкталат.

13.7.**Ири форматтагы жарнама каражаттарына талаптар:**

Ири форматтагы түзүмдөр сырткы жана ички жарыктандыруусу менен болууга тийиш.

Жер тилкелерине жайгаштырылуучу ири форматтагы тузүмдөргө белгиленген тартипте экспертизадан өтүүгө тийиш болгон долбоордук документация иштелип чыгат.

Жер тилкелерине жайгаштырылуучу ири форматтагы түзүмдөр тиешелүү иштерди өткөрүүгө лицензиясы бар адистештирилген уюмдарда жылына бир жолудан көп эмес техникалык кароодон өтүүгө тийиш.

14.Имараттын кире бериш тарабына, же чатырга орнотулуучу жеке долбоор боюнча даярдалган жарнама түзүмдөрү төмөндөгүдөй элементтерден турууга тийиш:

-жарнамалык аянт (тексттин бөлүгү) – ариптер, арип символдору, аббревиатуралар, сандар;

-көркөм элементтер (логотиптер, белгилер ж.б.);

-бекитилүүчү элементтери (мейкиндик торчолору).

Жарнамалык аянт жана көркөм элементтер, ички жарыктандыруу менен гана жабдылуусу тийиш.

Жарнама түзүмүнүн жарнамалык аянты түзүмдүн өлчөмдөрү менен аныкталат.

Имараттардын кире бериш тарабына же чатырына жайгаштырылуучу жарнамалык түзүмүндөгү өзүнчө ариптер менен логотиптерди орнотууда анын сүрөтүн алмаштыруу технологиясынын, анын ичинде электрондук алып жүрүүчүлөрдүн, кыймылдуу бөлүктүн жардамы, ошондой эле медиалык технологияларды пайдаланууга жол берилбейт.

Жарнамалык түзүмдүн бийиктиги:

-1жана 2 кабаттуу объектилер үчүн 0,8 метрден ашпоого;

-3жана 5 кабаттуу объектилер үчүн 1,20 метрден ашпоого;

-6жана 9 кабаттуу объектилер үчүн 1,80 метрден ашпоого тийиш.

Эгерде жарнамалык түзүмдө товардык белги менен тейлөө белгисинин сүрөтү бар болсо айрым маалымат аянтынын, же чатырдагы жарнамалык түзүмдүн көрсөтүлгөн товардык белгилери, тейлөө белгилеринин сүрөтү кирген болсо анын бийиктиги пункта көрсөтүлгөн өлчөмдөрдөн ашуусу мүмкүн, бирок 1/5 эседен көп эмес.

Объектинин чатырына орнотулуучу жарнама каражатынын узундугу ал орнотулуучу кире бериш тарабынын узундугунун 70% нан ашпоого тийиш.

Жарнамалык түзүмдүн бекитүүчү элементтери түзүмдүн капталы жана үстү боюнча периметринен чыкпоого тийиш. Чатырдагы жарнама түзүмүнүн маалыматтык аянтынын аралыгы парапеттен төмөнкү жагына чейин 1 метрден ашпоого тийиш.

Өзүнчө ариптер жана логотиптер түрүндөгү жарнама түзүмдөрү үчүн орнотуу, чогултууда жана пайдаланууда коопсуздукту камсыз кылуу максатында милдеттүү түрдө жумушчу долбоордук документациясы иштелип чыгат.

Айрым ариптер жана логотиптер түрүндөгү жарнама түзүмдөрү электр тармагынан авариялык өчүрүү тармагы менен жабдылууга тийиш жана өрт коопсуздугунун жабдуулары менен жабдылып өрт коопсуздугунун башка талаптарына шайкеш келүүсү керек.

15.Жеке долбоор боюнча даярдалган стандарттык эмес жарнама түзүмдөрү – ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн башка форматтардан өзгөчө форматка ээ болгон жарнама түзүмү.

Жеке долбоорлор боюнча даярдалган стандарттык эмес жарнамалык түзүмгө көлөмдүү мейкиндик түзүмү кирет, андай жарнамалык түзүмдө жарнама маалыматын таркатуу үчүн объектинин көлөмү менен үстүнкү аянты пайдаланылат (анын ичинде аба шарлары, аэростаттар, көлөмдүү мейкиндик моделдери ж.б.). Көлөмдүү мейкиндик түзүмдөрүнүн маалыматтык аянты эсептөө жолу менен аныкталат.

15.1.**Көтөрүп жүрүүчү жарнама түзүмдөрү** – техникалык каражаттарды пайдаланбастан адамдар тарабынан бир орундан экинчи орунга которулуучу тышкы жарнама менен маалыматтын убактылуу каражаттары.

Жарнамалык аянт көтөрүп жүрүүчү түзүмдүн жарнамалык аянтынын өлчөмүнө байланыштуу болот.

Көтөрүп жүрүүчү жарнама түзүмдөрү жөө жүрүүчү аймактарда жана жөө жүрүүчү жолдордо пайдаланууга жол берилет. Көтөрүп жүрүүчү жарнама түзүмдөрүн жөө жүрүүчүлөргө жолтоо жаратып, жолдун бөлүгүн көрүүгө жолтоо болсо пайдаланууга тыюу салынат.

15.2.**Проекциялык жабдуу** – сүрөттөрдү жерде, дубалдардын боорунда, же башка көлөмдө жарнама сүрөтүн калыптандырууга багытталган сүрөттөрдү чагылдырылуучу жарнама түзүмдөрү.

Жердеги, же дубал боорундагы маалымат аянты проекциялык беттин өлчөмдөрү менен ал эми көлөмдүү сүрөттөдүн аянты эсептөө жолу менен аныкталат.

Проекциялык жабдууларды жайгаштырууга жер тилкелери сыяктуу эле имараттарга жана курулмаларга жайгаштырууга жол берилет.

15.3.**Электрондук экрандар (электрондук табло)** – жарык берүүчү диоддордун, лампочкалар менен жарыктын башка булактары же жарык чагылдырылуучу элементтердин эсебинен экрандын бетине сүрөттү чагылдырууга багытталган түзүм.

Экрандар обочо турган түзүм, же болбосо имараттар менен курулмалардын дубалдарына жана чатырларына жайгаштырылуучу түзүм катары жайгаштырылышы мүмкүн.

Электрондук таблонун жарнамалык аянты берилип жаткан сүрөттөрдүн саны, же жарнамалык аянттын өлчөмү менен өзүнчө эсептөө жолу аркылуу аныкталат.

Электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү сүрөттөрдү көрсөтүү динамикалык таасирлерди, аудио чыгармалар камтылган сүрөттөрдү пайдаланбай статикалык сүрөттөрдүн технологияларын пайдалануу менен жүргүзүлүүгө тийиш (медиафасаддардан тышкары). Жарык мезгилде сүрөттөрдүн алмашуусу 5 секунддан кем болбоого, сүрөттү алмаштыруунун узактыгы 2 секундадан көбүрөөк болуусу жана анын жарыктыгын нөл маанисине чейин пландуу төмөндөтүү жана жарыкты кийинки пландуу жогорулатуу жолу аркылуу жүргүзүлөт.

Сүрөттү караңгы мезгилде алмаштыруу 5 секунддан кем болбоого, сүрөттү алмаштыруунун узактыгы 2 секундадан көбүрөөк болуусу жана анын жарыктыгын нөл маанисине чейин пландуу төмөндөтүү жана жарыкты кийинки пландуу жогорулатуу жолу аркылуу жүргүзүлөт.

Электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү сүрөттөрдү караңгы мезгилде көрсөтүү учурунда ак түстү (фонду) пайдаланууга жол берилбейт.

15.4.**Курулуш объектилериндеги жарнама –** курулуш, же реконструкцияланып жаткан объектилердин убактылуу тосмолорунда, же курулуп, реконстркуцияланып жаткан имараттын маңдайкы бетине жайгаштырылуучу жарнама.

Жарнаманын аянты түзүмдүн өлчөмдөрү же тартылган сүрөттүн өлчөмдөрү менен аныкталат.

Кошумча жасалгалоо иретинде жүргүзүлүп жаткан курулушта анын мурдагы тарыхый орду жөнүндөгү графикалык сүрөттөр менен фото документтер пайдаланылышы мүмкүн.

Курулуш аянтынын тосмосуна жайгаштырылуусу мүмкүн: жер бетинен 0,3 метрден кем эмес бийиктиктеги бир бүтүн лента орнотулган көркөм жасалгалоо, жарнама, социалдык плакат, ж.б. маалымат. Жарнама түзүмүнүн бийиктиги долбоор менен аныкталып, объектини куруу учурунда жолтоо болбошу керек.

15.5. Стандарттуу эмес жарнама түзүмдөрүнө талаптар архитектуралык-техникалык документация менен бекемделет.

## VI. Жалпы талап жарнамалык иш-кагаздыр алуу боюнча

16. Архитектуралык-техникалык кортунду (АТК) жарнамалык каражаттарын орнотуу иш-кагаздарын архитектура органы, тагыраак айтканда Ноокат районунун шаар куру жана архитектура боюнча башкармалыгы, тарабынан берилет.

16.1. Жеке же юридикалык жактар жарнамалык обьектисин орнотуу боюнча иш-кагаздарын (АТК) алуу үчүн “Бирдиктүү терезе” принциби боюнча Ноокат районунун шаар куру жана архитектура боюнча башкармалыгына кайрылат.

17. Эгерде орнотулуучу жарнак каражаты Кыргыз Республикасынын

“Жарнама жөнүндөгү”, “Шаар курулушу жана архитектура жөнүндөгү” мыйзамдарга жана нормативдик укуктук актылардын ылайык келген учурда Ноокат районунун шаар куру жана архитектура боюнча башкармалыгы тарабынан 14 жумушчу күнгө чейинки мөөнөттө архитектуралык-техникалык кортунду (АТК) иш-кагаздары даярдалып берилет.

18. Архитектуралык-техникалык кортунду (АТК) 1 (бир) жылдык мөөнөт менен мөөнөтүн узартуу шартында берилет.

## VII. Маалыматтык жана жарнамалык жалпы түзүмдөргө талаптар

19. Ноокат шаарында жайгаштырылган маалыматтык-жарнамалык курулмалар техникалык регламенттердин, курулуш нормаларынын жана эрежелеринин, мамлекеттик стандарттардын, архитектуралык-техникалык документтердин талаптарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын башка талаптарына жана башка талаптарга ылайык даярдалган жана орнотулушу керек. Ноокат шаарынын тышкы архитектуралык-көркөм көрүнүшүн бузбоого жана маалыматтык-жарнамалык конструкциялардын эстетикалык мүнөздөмөлөрү алар жайгашкан объекттин стилине ылайык келишин камсыз кылууга тийиш.

Түзүмдөрдү даярдоодо колдонулуучу материалдар заманбап сапат талаптарына жооп бериши керек.

19.1 Ноокат шаарындагы социалдык объектилердин маалыматтык түзүмдөрү азиз жана көрүүсү начар адамдар маалыматка жетүү үчүн Брайл шрифти менен кайталанышы зарыл.

20. Ноокат шаарынын аймагында маалыматтык-жарналык түзүмдөрүн жайгаштырууга жана маалыматты жана жарнактарды жайылтууга архитектуралык-техникалык документтер жана ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген уруксат болгон учурда гана жол берилет.

21. Маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүнүн сырткы көрүнүшү бүтүндүккө ээ болууга тийиш; тыкан боёлгон рамкалар; кечки убакта жарыктануусу бар түзүмдөр. Мындан тышкары түзүмдүк элементтерде боштуктар, дат жана кир, ашыкча элементтер (аркан ж.б.), чапталган жарнактар жана башка маалымат билдирүүлөр, механикалык бузулуулар, жарнама полотносунун айрылышына, ошондой эле бардык болүктөрүндө жана түзүмдүк элементтеринде бөтөн жазуулардын жана сүрөттөрдүн болушуна жол берилбейт. Түзүмдүк элементтери жашырылган же эстетикалык жактан иштелип чыккан көрүнүшкө ээ болушу керек.

22.Түзүмдөрдү тийиштүү формага келтирүү муктаждыгына жараша менчик ээлери тарабынан туруктуу негизде жүзөгө ашырылат.

23. Ноокат шаарынын көркөм-эстетикалык көрүнүшүн сактоо максатында тышкы жарнама каражаттарында жарнама жок болгон учурда жарнаманы таратуучу социалдык жарнаманы жайгаштырууга милдеттүү.

24. Ноокат шаарындагы айрым түзүмдөрдө маалыматты же жарнаманы жайгаштыруу, алмаштыруу түн ичинде (саат 20:00 дөн 06:00 гө чейин) жүргүзүлүшү керек.

25. Коомдук жайларда жарнама түзүмдөрүнүн иштеши жөө жүргүнчүлөрдүн эркин өтүшүн, көчөлөрдү жана тротуарларды тазалоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

26. Жарнама түзүмдөрүнүн конструкциялык бекемдөөчү жана бекитүүчү элементтери (болттуу байланыштар, таяныч элементтери, технологиялык жоолуктар ж.б.) жасалгалоочу элементтер менен жабылууга тийиш.

27.Тышкы жарнаманын жана маалымат каражаттарынын ээлери Ноокат шаарынын көркөм-эстетикалык көрүнүшүн сактоо максатында, анын ичинде электрондук сүрөтү бар жарнама түзүмдөрү өзгөргөн учурда, Ноокат шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу органынын талаптарына ыкчам чара көрүүгө милдеттүү.Турак жай жана коомдук имараттарды табигый, жасалма жана айкалыштырылган жарыктандыруу талаптарын бузуу менен технология аныкталган, эксплуатацияланган, жарнама түзүмдөрүнүн менчик ээси же башка мыйзамдуу ээси аныкталган бузууларды жоюу боюнча токтоосуз чараларды көрүүгө милдеттүү. Эгерде аныкталган бузууларды четтетүү мүмкүн болбосо, жарнама түзүмүнүн менчик ээси же башка мыйзамдуу ээси сүрөттү өзгөртүү технологиясын өзгөртүүгө милдеттүү.

28.**Жол кыймылынын коопсуздугунун талаптары**

28.1.Жарнама түзүмдөрү тийиш эмес:

-жол кыймылын уюштуруучу техникалык каражаттардын көрүнүшүн далдаалап чектеши, же кыймылдын катышуучуларынын кабылдашына таасир этип, жолтоо болууга;

-жол кыймылынын катышуучуларын жарыгы менен, анын ичинде түзүмдөн чагылышуу аркылуу көздү тайгылдырууга;

-инженердик курулмалардын асма курамына жайгаштырууда алардын өлчөмдөрүн кичирейтүүгө;

-жөө адамдардын кабылдашы үчүн, тактап айтканда алар сүрөттү көрүү үчүн жолго чыгууга мажбур болгудай жайгаштырылууга;

-угуусу жакшы адамдарга автомобиль жолдорунун чектеринде угулушу мүмкүн болгон үндү чыгарууга.

28.2.Жарнама аянтына жараша жолдун бир капталына жайгашкан жарнама түзүмдөрүнүн аралыктары кем болбоого тийиш:

-6 чарчы метрге чейин – 20 метр;

-12 чарчы метрге чейин – 60 метр;

-12 чарчы метрден 18 чарчы метрге чейин – 100 метр;

-18 чарчы метрден жогору – 150 метр.

28.3.Жарнама түзүмдөрүн жол боюнда жайгаштырууда жолдун четине чейинки аралык 3 метрден кем болгон учурда түзүмгө автоунаалардын урунушунун алдын алуу үчүн жол тосмолору орнотулушу тийиш.

28.4.Жарнамалык, же маалыматтык тактанын жол бетинен, болбосо жер бетинен бийиктиги 2,5 метр, ал эми жолдун үстүнө орнотула турган болсо 4,5 метрден кем болбоосу тийиш.

28.5.Жарнаманы ички, же сырткы жарыктандырууда жарык берүүчү жабдуулар жарыктын жол бетине тикелей тийишине мүмкүндүк бербегидей болуп орнотулууга тийиш.

28.6.Жарнама түзүмдөрү менен светофорго чейинки аралык таблицада көрсөтүлгөндөн кем болбоого тийиш:

| **Кыймылдын ылдамдыгы (км/саат)** | **Жарнама түзүмүнүн аянты (чарчы метр)** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 18ден жогору | 12ден 18ге чейин | 6дан 12ге чейин | 6дан аз |
| 60 | 100 | 60 | 40 | 25 |

**29.Түрлөрү боюнча жарнама түзүмдөрүн аймактык жайгаштырууга талаптар.**

29.1. Ноокат шаарынын аймагында түрлөрү боюнча жарнама түзүмдөрүн жайгаштырууга талаптар жарнама түзүмүнүн, же кыймылсыз мүлк ээсинин ээлик кылууларынын түрлөрүнө карабастан шаардын аймагына орнотулган жарнама түзүмдөрүнүн баардыгына колдонулат.

29.2.Ушул Эрежеде көрсөтүлгөн тиешелүү аймактарга анда жайгашкан жалпы пайдаланылуучу жолдун бөлүктөрү, кыймылсыз мүлк (имараттар, курулмалар), стационардык эмес объектилер кирет.

29.3.Ушул Эрежеге ылайык ар бир аймактар үчүн айрым түзүмдөрдү ошол аймактарга жайгаштырууда шарттуу бөлүүлөргө жол берилет:

-№1 борбордук аймак;

-№2 экинчи маанидеги аймак.

29.4. Сырткы жарнама менен маалыматты №1 аймагында жайгаштыруу Жарнама түзүмдөрүн жайгаштыруу боюнча шаардык комиссияда каралат жана бул учурда маалыматтык түзүм катуу материалдардан дярдалышы керек.

29.5. Шаардын өзгөчө маанидеги аймагы (№2 аймак).

29.6. Шаардын өзгөчө маанидеги аймагына шаардын №1 аймагына кирбеген аймактар менен объектилер кирет.

**30. Маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүн чогултуу, бузуу жана пайдалануу учурундагы талаптар.**

30.1.Маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүн чогултуу, бузуу жана пайдалануу боюнча иштер архитектуралык-техникалык документацияга ылайык аткарылууга тийиш.

30.2.Жер тилкелерине жайгаштырылуучу маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүнүн пайдубалы жана аларды орнотуудагы башка жер иштерин өткөрүү белгиленген тартипте иштелип чыккан жер иштеринин өндүрүшүнө ордердин негизинде жүргүзүлөт.

30.3.Маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүн чогултуу учурунда жолдун, же көчөнүн бир бөлүгүн ээлөө үчүн убактылуу тосуу жөнүндөгү маалымат жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча тиешелүү аймактык бөлүмгө иш башталганга чейин 5 жумушчу күндөн кечиктирбестен берилүүгө тийиш.

30.4.Түзүмдүн ээси, же мыйзамдуу ээси жарнама түзүмдөрүн чогултуп, же бузуп бүткөндөн кийин төмөнкүдөй мөөнөттө аймакты көрктөндүрүп жана объектини калыбына келтирүүгө милдеттүү:

-№1 жана №2 аймактарда 2 суткадан ашык эмес;

-№3 аймакта 4 суткадан ашык эмес;

-№1, №2, №3 аймактарына кирбеген жерлердеги шаардын башка аймактарында 7 суткадан ашык эмес.

30.5.Түзүмдүн ээси, же мыйзамдуу ээси маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүн чогултууда, бузууда жана пайдаланууда шарттарды бузуунун негизинде пайда болгон баардык коопсуздук эрежелерине, ошондой эле бузулуу жана авариялык кырдаалдар үчүн жоопкерчиликтүү.

30.6. Маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүн чогултуу боюнча иштер аяктагандан кийин түзүмдүн ээси, же мыйзамдуу ээси үч күн аралыгында ыйгарым укуктуу органга билдирүүгө милдеттүү.

## VIII.Маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүн жайгаштырууга байланышкан чектөөлөр.

31. Ноокат шаарынын аймагында маалыматтык жана жарнама түзүмдөрүн жайгаштырууга жана пайдаланууга тыюу салынат:

Жол кыймылын уюштуруунун техникалык каражаттары менен атайын белгилери, ошондой эле жолдо бараткан жөө адамдарга, унаа каражаттарына жаныбарлардын ж.б. нерселерге, объектилерге окшоштугу бар (сырткы көрүнүшү, сүрөтү, же үн белгилери боюнча) жол-унаа кырдаалын баалоону кыйындаткан кырдаалада;

Жол кыймылын жөнгө салууга багытталган жол белгилери, светофор түркүктөрү, же башка ар кандай жабдуулардын бир түркүктө жайгашышына;

Жолдордун авариялык коопту тилкелеринде;

-темир жол өткөөлдөрүндө жана ага 50 метрден жакыныраак жайгашкан белгилерди. Бул учурда темир жол өткөөлдөрүнө белгилерди жакын жайгаштыруу темир жол башкармалыгынын тиешелүү органы менен макулдашкан учурда мүмкүн;

-ар кандай деңгээлдеги унаа түйүндөрүнүн, көпүрөлөрдүн, темир жол көпүрөлөрүнүн чектеринде, ошондой эле алардан 50 метрден кем аралыкта жайгаштырууга;

-учурдагы колдонулуп жаткан мамлекеттик стандарттар менен ченемдик актыларга ылайык аныкталган “Трансорт-транспорт” жана “Транспорт-жөө адам” үч бурчтуктарынын көрүнүшүнүн чектеринде;

-жол тосмолорунда жана багыттоочу жабдуларда;

- көчөлөр менен жолдордун 4% эңкейиши бар бөлүктөрүндө;

-каттам унаа каражаттарынын аялдамаларына 25 метрден жакын;

-өзүнө кыймылдуу элементтерди, сүрөттөрдү камтыган, айрыкча бүтүндөй жарнама, же маалымат бир убакта толугу менен көрүнбөй жол кыймылынын катышуучуларына окулуу убактысы созулуу менен пайдаланууга тыю салынат;

-автомобиль жолдорунун жөө адамдар басуучу жолдордун, унаа каражаттарынын токтоочу аянттарынын, имараттан тышкаркы жөө адамдар басуучу башка жайлардын үстүнө, чарба жүргүзүүчү субъектер, товарлар, иштер, тейлөөлөр, соода объектилери ж.б. ушул сыяктуу маалымат жөнүндө курулуш материалдарын, сырларды, жол белгилерин пайдалануу менен чачыратуу аркылуу жарнамаларга жана сүрөттөргө жазууга;

-шаарды гүлдөр менен жасалгалоо үчүн пайдаланылуучу аймактарда, ошондой эле жөө адамдар жүрүүчү жолдорго орнотуудан, ошондой эле аларды механикалаштыруу жолу менен тазалоо үчүн 2 метрден кем болбогон учурда;

-сырткы (көчөлөрдөгү) жер алдындагы жана жер үстүндөгү жөө адамдар өтүүчү түзүмдөрдө;

-алмаштырылып туруучу жарнама билдирүүлөрүн жайгаштырууга багытталган имараттардын кире бериштеринде;

-турак жайлардын терезелерине тикелей багытталган нурлары өтө жарык, же өчүп күйүп турган жарыктандырууну орнотууга;

-Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык келбеген текстти, маалыматты камтыган сүрөттөрдү;

-жер алдындагы коммуникациялардын үстүнө;

-жөө адамдардын жүрүшүнө, көчөлөрдү жана жөө адамдар басуучу жолдордо тоскоолдуктарды түзүүгө электр жарыгын берүүчү мамылар менен түркүктөргө, тосмолорго, дубалдарга, жөлөнгүчтөргө, дарбазаларга жана бак-дарактарга жарнама менен маалыматты, ошондой эле плакаттарды, башка сүрөттөрдү мүмкүн болгон жеткиликтүү ыкма менен чаптоого, же бекитүүгө;

-жарык берүүчү коробкалар менен айнектелген витриналарды алмаштыруу;

-электрондук алып жүрүүчүлөрдү- экрандарды айнектелген витринанын баардык бийиктигинде жана узундугунда витрина түзүмдөрүндө башка жабдуулар менен алмаштырууга;

-көлөмдүү тамгалар менен логотиптерди жайгаштыруудан башка учурларда терезе, эшиктерди, витриналарды, витраждарды сыртынан толук, же айрым жабылуусуна;

-объектилердин кире беришиндеги архитектуралык бөлүктөргө (анын ичинде лоджияларда, балкондордо, түркүктөрдө, тепкичтердеги жөлөнгүчтөргө, оймолорго;

-мемориалдык такталардан 10 метрден кем аралыкта;

-көчөлөрдүн жана үйлөрдүн номерлеринин аталыштарынын көрнөктөрүнүн жабылышына;

-үйдүн, имараттын кире беришине декоративдүү-көркөм жана тексттин сүрөтүн көрнөк түрүндө тартууга(ушул эрежелерде каралбаган башка ыкмалар менен сырдоого);

-сүрөттөрдү алмаштыруунун динамикалык тармактарындагы постерлерди көрсөтүүнүн (роллердик тармактар, призматрондор ж.б.), же электрондук алып

жүрүүчүлөрдөгү көрсөтүлүп жаткан сүрөттөрдүн жардамы аркылуу көрнөктөрдү көрсөтүүгө (экран, жүгүртмө саптар ж.б.);

-текст, товардык белги, ушул жазылышта катталган тейлөө фирмасынын логотиби, же белгиси бар кирилица менен жазылган кыргыз орус тилдериндеги тексттер жазылган учурдан тышкаркы учурларда чет элдик аталыштардын латын тамгасы менен жазылышы;

-жумшак негизде жасалып, пайдалануудагы электр түркүктөрүнө жолдун үстүнө тартылган транспаранттар, кермелер;

-маалымат менен жарнама жайгаштырылбаган түзүмдөргө, сүрөттөрдү алмаштыруу боюнча иштерди өткөрүүгө кеткен убакыттан тышкары, бирок 3 сааттан ашык эмес;

-геометриялык өлчөмдөрүн бузуу менен;

-белгиленген талаптарды бузуу менен;

-маалымат аянтында тамгаларды тикелей жайгаштыруу менен;

-чатырын кошо алганда биринчи жана экинчи кабаттын ортосунан жогору эмес;

-имараттардын чатырынын кырларына;

-эшик-терезелерди, ошондой эле витраждар менен витриналарды толук жабуу (калкалоо);

-чатырларда, лоджиялардын, балкондордун чатырында жана алардын өзүндө;

-дубалдагы көрнөктөрдүн биринин үстүнө бирин;

-айнектелген витриналардын бетин сырдоо, же аларга декоративдүү пленкаларды чаптоо;

-картонду, кездемени, баннердик кездемени пайдалануу менен жасалган көрнөктөрдү (афишадан тышкары);

-обочодо турган чогултулуп-бузула турган (жыйналуучу) түзүм – штендер түрүндөгү көрнөктөрдү;

-курулушу бүтпөгөн объектилердин сырткы беттериндеги көрнөктөрдү.

## IX. Маалыматтык жана жарнамалык түзүмдөрдү бузуу

32.1.Белгиленген талаптарга ылайык келбеген маалыматтык жана жарнамалык түзүм аныкталган учурда ыйгарым укуктуу орган аныкталган түзүм жөнүндө маалыматты Ноокат шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу органы Муниципалдык менчик башкармалыгына жөнөтөт.

32.2.Түзүмдү белгиленген талаптарга ылайык келтирүү анын ээсинин жеке каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

Ыктыярдуу түрдө түзүмдү бузуу анын ээси тарабынан объектинин жайгашуучу орду объект жайгаштырылганга чейин кандай абалда болсо, түзүм бузулгандан кийин ал орунду алгачкы көрүнүшүндөгү калыбына келтирүү жолу менен ишке ашырылат.

32.3.Эгерде түзүм анын ээси тарабынан ыктыярдуу түрдө белгиленген мөөнөттө бузулбаган болсо, маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү бузууну уюштуруу ыйгарым укуктуу орган болгон Ноокат шаарынын Муниципалдык

менчик башкармалыгы тарабынан шаардык бюджеттин эсебинен ишке ашырылат.

32.4. Ыйгарым укуктуу орган болгон Ноокат шаарынын Муниципалдык менчик башкармалыгы бузууну, сактоо үчүн атайын уюштурулган жайга жөнөтүүнү жана сактоону уюштурат.

Ыйгарым укуктуу орган болгон Ноокат шаарынын Муниципалдык менчик башкармалыгы маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү бузуу иштерин аткаргандан кийин аткарылган иштер жөнүндө маалыматты ыйгарым укуктуу органга жиберет.

32.5.Бузулган маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү сактоо үчүн атайын уюштурулган жайга жөнөтүү иштери ага бузулган күнү, материалдык баалуулугу жана өткөрүп берүү, өткөрүп алуу актысын түзүү менен 30 жумушчу күндөн ашпаган убакытка сактоону ишке ашырат.

Бузуу жана сактоо боюнча аткарылган иштердин чыгымдары Ноокат шаарынын ыйгарым укуктуу органы болгон Муниципалдык менчик башкармалыгынын талабы боюнча маалыматтык жана жарнамалык түзүмдүн ээсинин, же башка мыйзамдуу ээсинин эсебинен толукталат.

Түзүмдүн ээси, же башка мыйзамдуу ээси тарабынан мажбурлоо иретинде түзүмдү бузуу, сактоо үчүн атайын уюштурулган жайга жөнөтүү иштерине кеткен чыгымдардын орду толтурулгандан кийин түзүм белгиленген тартипте ээсине кайтарылат.

32.6.Эгерде маалыматтык жана жарнамалык түзүмдүн бузулган күнүнөн 30 жумушчу күндөн ашык убакыт өткөндөн кийин маалыматтык жана жарнамалык түзүмдүн мыйзамдуу ээси сактоочу жайдан түзүмдү алып кетпесе Ноокат шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу органы болгон Муниципалдык менчик башкармалыгы түзүмдү ээсиз деп табуу жөнүндө сотко арыз менен кайрылууга укуктуу.

Эгерде алынып кетпеген маалыматтык жана жарнамалык түзүм сот тарабынан ээсиз деп табылса, ал муниципалдык менчикке өтөт.

32.7.Мажбурлоо иретинде бузуу, сактоо үчүн атайын уюштурулган жайга жөнөтүү учурунда Ноокат шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу органы болгон Муниципалдык менчик башкармалыгы түзүмдүн сакталышына, андагы жабдуулар менен башка мүлктүн абалына жоопкерчиликтүү эмес.

## X. Ушул Эрежелерди бузгандык үчүн жоопкерчилик

33. Маалыматтык жана жарнамалык түзүмгө уруксаты жок, же техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актылардын талаптарын бузуу менен маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү жайгаштыргандыгы үчүн түзүмдүн ээлери Административдик укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык административдик жоопкерчиликке тартылат.

33.1. Маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү жакшы абалда кармоого, түзүмдөрдүн сырткы көрүнүшүнө талаптардын бузулгандыгы жана башка ушул Эрежелердин бузулушуна жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Административдик укук бузуулар жөнүндө кодекске, башка

ченемдик-укуктук актыларга жана Ноокат шаарынын муниципалдык мүлкү болгон жарнама түзүмүнө жайгаштырууга жана пайдаланууга ылайык жоопкерчилик түзүмдүн ээлерине (юридикалык тараптар, кызмат адамдары жана жеке адамдар) жүктөлөт.

Жоопкерчилик чараларын колдонуу бузуучулардын кетирилген кемчиликтерди жоюу милдеттенмелеринен бошотпойт.

**Ноокат шаардык кеңешинин**

**жооптуу катчысы** **М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №13**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**“Ноокат шаарынын муниципалдык менчигинде турган объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” жобону бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясынын ““Ноокат шаарынын муниципалдык менчигинде турган объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” жобону бекитип берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

“Ноокат шаарынын муниципалдык менчигинде турган объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” Жобо №1-тиремеге ылайык бекитилсин.

1. Жер участогун ижаралоонун типтүү келишими №2-тиремеге ылайык бекитилсин.

2. Ноокат шаарынын муниципалдык менчигинде турган объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүдө ушул жобонун талаптары жетекчиликке алышсын.

3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик жана укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ноокат шаардык кеңешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Х.А.Маткосимовго жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №13 токтомуна №1 тиркеме**

# Ноокат шаарынын муниципалдык менчигинде турган объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө жобо

## 1-глава. Жалпы жоболор

1.Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө ушул жобо (мынданары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына негиз, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругу менен бекитилген типтүү жобого ылайык иштелип чыгып, Ноокат шаарынын муниципалдык менчигиндеги объекттерди кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктүрүндө пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартибин жана шарттарын белгилейт.

2.Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти ушул Жобонун 8-главасын жана 11-пункттун кошпогондо, ушул Жобонун жана өз ыйгарым укуктарынын талаптарына ылайык муниципалдык мүлктү пайдаланууга жана ижарага берүү боюнча иш-аракеттерди өз алдынча жүзөгө ашырат.

## глава. Ушул Жободо колдонулган түшүнүктөр

Ушул Жободо пайдаланылган түшүнүктөр:

**ижара** – ижарага берүүчү тарабынан муниципалдык менчиктеги объектти пайдалануу укугу менен ижарага алуучуга белгиленген акы алуу менен белгилүү бир мөөнөткө берүү;

**ижарачы** – ушул Жободо белгиленген тартипте муниципалдык менчиктеги объектке убактылуу ээлик кылуу жана пайдалануу укугу берилген жеке же юридикалык жак;

**ижарага берүүчү** – муниципалдык мүлктү ижарага берүүгө тиешелүү ыйгарым укук тараптарга берилген учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы, ошондой эле муниципалдык мекеме, муниципалдык ишкана;

**аукцион** – тооруктун түрү, мында эң жогорку бааны сунуш кылган катышуучу жеңүүчү деп таанылат;

**аукционду алып баруучу** – тоорукту аукцион формасында жүргүзгөн жана аукционду өткөрүү эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөгөн жак;

**арыз ээси** – муниципалдык менчиктеги объектти ижарага берүү боюнча тоорукка катышуу үчүн өтүнмө берген жеке же юридикалык жак;

**конкурс** – тооруктун түрү, мында тооруктун предметине карата ижарага

берүүчү белгилеген шарттарды мыкты аткарууну сунуш кылган адам жеңүүчү деп табылат;

**муниципалдык менчиктеги объект** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менчик укугуна ээ болгон кыймылдуу же кыймылсыз мүлк;

**оперативдүү башкаруу** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан муниципалдык мекемеге анын уюштуруучусу койгон тапшырмаларды аткаруу үчүн бекитилген мүлктү пайдалануу укугунун формасы;

**пайдалануу** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы уюштуруучу болуп саналган муниципалдык ишканаларга, муниципалдык мекемелерге, коммерциялык эмес уюмдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тоорук өткөрбөстөн акцияларына ээлик кылган акционердик коомдорго муниципалдык мүлк объекттерин берүүнүн формасы;

**муниципалдык менчиктеги объекттерди ижарага түз берүү** – жеке жана юридикалык жактарга (арыз ээлерине) муниципалдык менчиктеги объекттерге карата ижара укугун тоорук өткөрбөстөн түз сүйлөшүүлөр жолу менен берүү ыкмасы;

**тоорук** – муниципалдык менчикте турган объекттерге ижара укугун аукцион же конкурс түрүндө берүү ыкмасы;

**катышуучу–**тоорукккакатышуугаауруксаталганарызээси;

**чарба жүргүзүү** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан муниципалдык ишканага ал үчүн белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде чарба (коммерциялык) иштерин жүргүзүү үчүн берилген мүлктү пайдалануу укугунун формасы.

## 2-глава.Муниципалдык мүлктү пайдаланууга берүү

Муниципалдык мүлк муниципалдык ишканаларга жергиликтүү маанидеги маселелерди жана муниципалдык ишкананы Экономикалык туруктуулугуна өбөлгө болуучу башка тапшырмаларды аткаруу үчүн Ноокат шаардык кенешинин макулдугу менен Ноокат шаар мэриясынын чечиминин негизинде чарба жүргүзүүгө берилет.

1. Муниципалдык ишканалар Ноокат шаар мэриясынын макулдугу менengана муниципалдык мүлктү субижарага өткөрүп бере алышат, күрөө катары көрсөтүп, башка операцияларды жүргүзө алышат.
2. Муниципалдык мүлк жергиликтүү маанидеги маселелерди чечип, уюштуруучунун функцияларын аткаруу үчүн Ноокат шаар мэриясынын чечиминин негизинде муниципалдык мекемелерге оперативдүү башкарууга берилет.
3. Муниципалдык мекемелер муниципалдык мүлктү Ноокат шаар мэриясынын макулдугу менен гана суб ижарага өткөрүп бере алышат.
4. Ноокат шаар мэриясы уюштуруучу катары иш алып барган коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле Ноокат шаардык кенешинин чечими боюнча акцияларга ээ болгон акционердик коомдорго муниципалдык мүлктү пайдаланууга берүүгө укуктуу.
5. Пайдаланууга берилген муниципалдык мүлктүн субижарасы үчүн акы жергиликтүү бюджетке түшөт.
6. Ноокат шаардык кенеши, ушул Жобонун аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө укуктуу.

7. **глава. Тооруктардын түрлөрү**

8. Тооруктар аукцион же конкурс түрүндөө ткөрүлөт.

9. Тооруктарды өткөрүүнүн негизги максаты муниципалдык менчикти ижарага берүү үчүн максималдуу бааны алуу жана жергиликтүү бюджеттин кирешелерин жогорулатуу зарылдыгы болгон учурларда аукциондун негизинде тооруктар дайындалат.

10. Аукцион түрүндөгү тооруктар электрондук соода аянтчасында электрондук форматта өткөрүлүшү мүмкүн. Тооруктар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-мартындагы №142 токтому менен бекитилген Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

## 3- Глава. Тооруктарды уюштуруу боюнча жалпы жоболор

11. Тооруктарды өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн төмөнкүлөр негиз болуп бере алат:

- муниципалдык мүлктү ижарага берүү зарылдыгы жөнүндө Ноокат шаар мэриясынын чечими,
- муниципалдык менчиктин айрым объекттерин ижарага берүү боюнча социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана социалдык коргоо программасынын талабы,
- муниципалдык мүлктү ижарага алууга жеке жана юридикалык жактардын арызы.

12. Тооруктарды өткөрүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы муниципалдык менчиктеги объекттерге ижара укугун берүү боюнча комиссия (мындан ары –Комиссия) түзөт.

13. Комиссиянын курамына Ноокат шаар мэриясынан бир өкүл, ММДнын өкүлдөрү, шаардык кеңештин депутаттары, коомчулуктун, коммерциялык эмес жана башка уюмдардын өкүлдөрү киргизилет.

14. Комиссиянын курамы, анын төрагасы жана катчысы Ноокат шаарынын мэринин буйругу менен бекитилет.

15. Комиссиянын мүчөлөрүнүн саны 5 адамдан кем болбойт.

16. Тооруктарды даярдоо үчүн муниципалдык менчик департаменти:

- пландаштырылган тооруктар боюнча маалыматтык өнөктүктү жүргүзөт,
- тоорукка катышууга талапкерлерден арыздарды кабыл алууну уюштурат,
- тооруктарды өткөрүү боюнча уюштуруу маселелерин чечет.

17. Комиссия

- Келип түшкөн өтүнмөлөргө ушул Жобонун талаптарына ылайык баа берет,
- тооруктун жыйынтыгын протокол түрүндө бекитет жана аны Ноокат шаарынын мэрине чечим кабыл алуу үчүн жиберет,
- муниципалдык менчиктеги объекттерди ижарага берүүгө байланышкан башка маселелерди ушул Жободо каралган компетенциясынын чегинде карайт.

18. Ижарага берүүчү тооруктарды өткөрүү үчүн төмөнкү документтерди даярдап, талапкерлерге берет:

- кыймылдуу же кыймылсыз мүлк объектисине үчүнчү жактардын укуктарынын жоктугу жөнүндө тастыктоочу маалым каты;
- техникалык паспорттун көчүрмөсүн же объектинин техникалык мүнөздөмөлөрүн, анын ичинде техникалык коммуникациялар жөнүндө маалыматты;
- муниципалдык менчиктеги объекттин баалоочу же баланстык наркын;
- муниципалдык менчиктеги объекттер боюнча орточо айлык амортизациялык чегерүүлөрдүн эсебин;
- жергиликтүү салыктар (жер салыгы, мүлк салыгы) боюнча эсептерди;
- муниципалдык менчиктеги объекттин ижара акысынын баштапкы наркын.

19. Ижарага берүүчү арыз ээсинин талабы боюнча анын техникалык абалын текшерүү максатында ижара объектисине кирүүнү камсыз кылууга тийиш. Арыз ээсинин талабы боюнча ижарага берүүчү таанышып чыгуу үчүн объектке укук белгилөөчү жана башка документтерди берүүгө милдеттүү.

20. Өткөрүлгөн тооруктар жөнүндө кулактандыруу маалымат такталарына, мэриянын сайтына, социалдык тармактарга жана башка маалымат каражаттарына тоорук башталганга чейин 30 күндөн кечиктирбестен жайгаштырылат.

Кулактандырууда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- Объекттин аталышы жана анын жайгашканжери,
- Объекттин максаттуу багыты,
- Тооруктарды өткөрүүнүн шарттары, күнү, орду,
- Тооруктун баштапкы баасы анын өлчөмү,
- Арыздарды жана документтерди кабыл алуу башталган жана аяктаган күнү,
- тооруктун катышуучуларына коюлган квалификациялык талаптар (конкурс өткөрүлгөн учурларда),
- тоорук маселелери боюнча кошумча маалымат алууга шарт түзгөн арыздарды кабыл алуучу жердин дареги.

21. Талапкерлер Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментине 1-тиркемеде келтирилген форма боюнча коштомо документтерди чапталган конвертке салып беришет.

22. Талапкерлерди каттоону Муниципалдык менчик департаментинин жооптуу кызматкери жүргүзөт. Кызматкер каттоо фактысы жөнүндө талапкерге кабарлоо менен атайын каттоо журналына киргизет (2-тиркеме).

23. Тоорукка каттоодон өткөн жана белгиленген форма (3-тиркеме) боюнча арыз берген талапкерлер катыша алышат.

24. Эгерде тоорукка катышкандардын саны экиден кем болбосо, тоорук өттү деп таанылат.

25. Муниципалдык менчиктеги объектти ижарага берүүнүн баштапкы баасы объектиге байланышкан жер салыгынын, ошол объект үчүн мүлк

салыгынын суммасынан кем болбоого тийиш.

26. Муниципалдык менчиктеги объектти ижаралоонун баштапкы баасын мүлктү баалоо боюнча сертификацияланган адистин корутундусунун негизинде белгилөөгө жол берилет.

27. Тоорук эки этап менен өткөрүлөт.

28. Биринчи этапта Комиссия өтүнмөлөрдү берилген документтердин толуктугу боюнча талаптардын сакталганына жараша баалайт.

29. Экинчи этапка өтүнмөлөрү берилген документтердин толуктугу боюнча тооруктун талаптарына шайкеш келген талапкерлер киргизилет.

30. Экинчи этапта төмөнкүлөргө баа берилет:

- Аукционүчүн–сунуш кылынган максималдуу баа боюнча,

- конкурс үчүн – коюлган максатка жетүү үчүн эң жакшы сунушталган шарттар боюнча.

31. Комиссиянын чечимдери Комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес кворуму болгондо жөнөкөй көпчүлүктүн добуштары менен кабыл алынат.

32. Добуштар тең болгон учурда Комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

33. Тооруктарды өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча Комиссия протоколго кол койот, бул протокол тооруктун жеңүүчүсү менен келишим түзүү үчүн Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин директоруна жиберилет.

34. ММДнын Директору Комиссиянын мүчөлөрү ушул Жобону бузгандыгынын фактысы ырасталган учурда гана Комиссиянын пикирине макул болбоого укуктуу. Комиссия же анын айрым мүчөлөрү ММДнын директорунун чечими менен макул болбогон учурда тооруктун жыйынтыгы боюнча акыркы чечимди Ноокат шаарынын мэри өзүнүн чечими менен кабыл алат.

35. Арыздарды баалоону жүргүзүүдө техникалык мүмкүнчүлүк болгондо Комиссиянын жыйындарын онлайн режиминде өткөрүүгө жол берилет.

## 4-глава.Аукцион түрүндө тооруктарды өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү

36. Аукционду өткөрүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы аукционду алып баруучуну дайындайт.

37. Аукциондун “жарымы” баштапкы ижара акынын 10 пайызына чейинки өлчөмүндө белгиленет.

38. Аукцион лоттун аталышын, негизги мүнөздөмөлөрүн, баштапкы ижара акысын жана аукциондун “арымын” аукционду алып баруучу жарыялагандан башталат.

39. Аукциондун катышуучуларына номери коюлган билеттер берилет, алар кезектеги бааны жарыялагандан кийин билеттерди көтөрүп турушат.

40. Аукционду алып баруучу аукциондун баштапкы баасын жарыялайт жана катышуучуларга бааны аукциондун белгиленген “арымынан” кем эмес өлчөмдө жогорулатуу сунушу менен кайрылат.

41. Аукциондун катышуучусу өзүнүн билетин көтөрүп, лотту аталган баа боюнча сатып алууга макулдугун тастыктоо менен аукционду алып

баруучуга кайрылат.

42. Эгер аукционду алып баруучу кезектеги бааны үч жолу жарыялагандан кийин катышуучулардын бири дагы андан жогору бааны сунуш кылбаса, акыркы – жогорку бааны сунуш кылган катышуучу жеңүүчү деп жарыяланат.

43. Аукциондун жеңүүчүсү аукцион өткөрүлгөн күнү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюуга тийиш (4- тиркеме). Протоколго ошондой эле аукционду алып баруучу, Комиссиясынын мүчөлөрү кол коюшат.

44. Эгер аукциондун жеңүүчүсү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса, Комиссия аукциондун биринчи жеңүүчүсүнөн кийин экинчи жогорку бааны сунуштаган катышуучуга протоколго кол коюуну сунуш кылат. Эгерде рейтингде экинчи орунду ээлеген катышуучу аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койсо, ал аукциондун жеңүүчүсү деп таанылат.

45. Протоколдун негизинде аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койгондон тартып беш иш күндүн ичинде Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти менен аукциондун жеңүүчүсүнүн ортосунда ижаралоо келишими түзүлөт.

46. Төмөнкү учурларда аукцион өткөн жок деп эсептелет:

- Бир катышуучу катышса,

50-пунктта каралган учурда экинчи жеңүүчү аукциондун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса,

- баштапкы ижара акысын үч жолу жарыялагандан кийин аукциондун бир да катышуучусу жогорку бааны сунуш кылбаса.

47. Аукцион өткөн жок деп таанылган учурда кайрадан аукцион дайындалат.

48. Эгер экинчи аукцион да өткөн жок деп таанылса, Комиссия ижараукугун кайраданөткөрүлгөн аукциондун жалгызкатышуучусуна берүү тууралуу чечим кабыл алууга же тоорукту жокко чыгарууга укуктуу.

## 5-глава.Конкурс түрүндө тооруктарды өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү

Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти муниципалдык менчиктин объекттерин максаттуу багытын жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнө, социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана жергиликтүү жамаатты социалдык коргоо программасынын талаптарына, Ноокат шаар мэриясынын жана шаардык кенештин чечимдерине жараша аныктайт.

49. Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти максаттуу багыттын негизинде объектти пайдалануу боюнча конкурстук талапты иштеп чыгат, ал конкурска катышууну каалагандарга берилет.

50. Арыз берүүчүлөрдөн конкурстук сунуштарды ачуу Комиссиянын мүчөлөрүнүн жана конкурстун катышуучуларынын же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусу менен ишке ашырылат.

51. Комиссия келип түшкөн конкурстук сунуштарды кезеги менен ачат, конкурстун катышуучусунун маалыматтарын, конкурстун негизги шарттарын жарыялайт жана түшкөн конкурстук сунуштарды баалоого киришет.

52. Берилген арыздарды баалоонун жүрүшүндө Комиссия конкурстун катышуучуларына өздөрүнүн конкурстук сунуштарын түшүндүрүп берүү өтүнүчү менен кайрылууга укуктуу.

53. Конкурстун ар бир катышуучусуна конкурстук сунушун негиздеп берүү укугу берилет.

54. Конкурстук сунуштарды 5-тиркемеде берилген критерийлердин негизинде Комиссиянын ар бир мүчөсү өз-өзүнчө баалап чыгат.

55. Конкурстун жеңүүчүсү ар бир өтүнмө боюнча Комиссиянын мүчөлөрү койгон упайларды суммалоо жолу менен аныкталат.

56. Конкурстун жыйынтыгы боюнча Конкурстун бардык катышуучуларынын упайларын жана конкурстун жеңүүчүсүнө берилген бааны көрсөтүү менен протокол түзүлөт. Протоколдун формасы 6-тиркемеде берилди.

57. Конкурстун эки же андан көп катышуучулары алган упайлар тең болгон учурда эң жогорку ижара баасын сунуштаган катышуучу жеңүүчү болуп таанылат.

58. Эгерде бул учурда кайрабаалоо бир жеңүүчүнү аныктай албаса, анда чечим бирдей жогорку упай алган катышуучулардын ортосундагы чүчүкулактын негизинде кабыл алынат.

59. Протоколдун негизинде конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койгондон тартып беш иш күндүн ичинде ижарага берүүчү менен конкурстун жеңүүчүсүнүн ортосунда ижара келишими түзүлөт.

60. Эгер конкурстун жеңүүчүсү конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса, Комиссия конкурстун биринчи жеңүүчүсүнөн кийин экинчи орунду ээлеген катышуучуга протоколго кол коюуну сунуш кылат. Эгерде экинчи орунду ээлеген катышуучу конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол койсо, ал конкурстун жеңүүчүсү деп таанылат.

61. Төмөнкү учурларда конкурс өткөн жок деп эсептелет:

- Бир катышуучу катышса,

-67-пунктта каралган учурда экинчи орунду ээлеген тооруктун катышуучусу конкурстун жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса,

- эгерде Комиссиянын пикири боюнча бир дагы өтүнмө конкурс үчүн коюлган талаптарга жооп бербесе.

62. Конкурс өтпөй калды деп таанылган учурда, кайрадан конкурс дайындалат.

63. Эгер экинчи конкурс да өткөн жок деп таанылса, Комиссия ижара укугун кайрадан өткөрүлгөн конкурстун жалгыз катышуучусуна берүү тууралуу чечим кабыл алууга же конкурсту өткөрүүнү жокко чыгарууга укуктуу.

## 6-глава.Муниципалдык менчиктеги объекттерди түз берүү

1. “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын15-беренесинин жоболору муниципалдык менчиктеги объекттерди тооруктарды өткөрбөстөн түз берүү ыкмасын колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

2. Муниципалдык менчиктеги объекттерди тоорук өткөрбөстөн берүү жөнүндө чечим ар бир учур боюнча Ноокат шаар мэриясынын Муниципалдык менчик департаментинин чечимименен  өз алдынча

кабылалынат.

3. Муниципалдык менчиктин объекттерин ижарага түз берүүтөмөнкү учурларда колдонулушу мүмкүн:

- Муниципалдык мүлктү пайдаланган ижарага алуучу мурда түзүлгөн ижара келишиминин бардык талаптарын сактап,ижара мөөнөтү бүткөндөн кийин ижара жөнүндө өтүнүч менен кайра кайрылса,

- объекттин максаттуу багыты маанилүү социалдык маселелердичечүү менен байланыштуу болуп, мында шаардын чегинде бул социалдык тапшырманы аткарууга жөндөмдүү башка уюмдар болбосо;

- объектиге турмуштук оор кырдаалда турган адамдар: улгайганадамдар, жетим балдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар,азкамсыз болгон үй-бүлөлөрдүн өкүлдөрү жана башка талапкер болсо(*социалдык паспорттун негизинде*);

- муниципалдык менчиктеги объект белгиленген тартипте экижолуачык тоорукка коюлуп,ижарага берилбесе.

- Ижара берилүүчү обьект башка менчик укугу катталган тараптардын чек ара аймагына жанаша жайгашып, башка бирөөгө берүүгө мүмкүн болбосо;

- Социалдык долбоорлор, Ноокат шаарынын СЭӨП, инвестицилык долбоорлор менен байланышкан болсо;

- Жеке менчик ээсинин жер участогунан сырткары жайгашкан жарнама жана маалыматтык тактайчаларды жалпы пайдалануудагы жерге тоскоолдук жаратпаган шартта орнотууга;

- Жергиликтүү бюджетке киришенин булагын көбөйтүү максатында мыйзамдарга карама каршы келбеген башка учурларда.

4. Муниципалдык менчиктеги объекттерди түз сүйлөшүүлөр жолу менен ижарага алууга талапкерлер Муниципалдык менчик департаментине арыз беришет,мында өтүнмөдө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- арыз ээси жөнүндө маалымат (фамилиясы, аты, атасынын аты,жашаганжери),

- муниципалдык менчиктеги объекттин жайгашкан жери жанааталышы,

- болжолдуумаксаттуу багыты,

- муниципалдыкмүлктүтүзберүүүчүннегиздеме,

- жергиликтүүжамааталатурганпайда.

5. Муниципалдык менчик департаментинин адистери арызды жана тиешелүү документтерди карап чыгат, андан кийин чечим кабыл алат, бул чечим кат түрүндө арыз ээсине жооп түрүндөтаризделет.

6. Кабыл алынган чечиминин негизинде чечим кабыл алынган күндөн тартып беш иш күндүн ичинде Муниципалдык менчик департаменти менен ижарачынын ортосунда ижар акелишими түзүлөт.

## 7-глава.Муниципалдык мүлктү пайдаланууга же ижарага берүүдө келишимдик мамилелердин өзгөчөлүктөрү

64. Муниципалдык мүлктү пайдалануу келишими ижарага берүүчү белгилеген мөөнөткө түзүлөт .

65. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү мөөнөтүн ижарага берүүчү белгилейт.

66. Пайдалануу же ижаралоо келишиминин шарттарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор тараптардын колдонуудагы ижара келишимине кошумча макулдашуу түзүү жолу менен киргизилет.

67. Ижара келишиминин мөөнөтү бүткөнгө чейин бир айдан кечиктирбестен өз милдеттерин талаптагыдай аткарган ижарачы жана ижарага берүүчү тараптар колдонуудагы ижара келишимине кошумча макулдашуу түзүү жолу менен ижаралоо келишимин ошол эле мөөнөткө узарта алышат.

68. Ушул Жобонун 82-пунктуна ылайык ижара келишимин узартуу жөнүндө кошумча макулдашуу айрым бир шарттар менен түзүлөт, эгерде ижарачы:

1) ижара акысын, туумдарды, коммуналдык төлөмдөрдү, эксплуатациялык чыгымдарды, жер салыгын жана мүлксалыгын төлөө боюнча карызы болбосо (эгерде аларды төлөө милдети ижарачыга жүктөлсө);

2) ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү форс-мажордук жагдайлардан улам келип чыккан учурларды кошпогондо, ижарага алган мөөнөт ичинде ижара акысын бир нече жолу кечиктирбесе;

3) конкурстун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн ижара келишиминде каралган милдеттенмелерди аткарат.

69. Ижарага берүүчүнүн кошумча макулдашуу түзүүдөн жүйөлүү баш тартуусу ижарачыга келишимди узартуу тууралуу сунушту алган учурдан тартып беш иш күндөн кечиктирбестен жазуу жүзүндө жиберилүүгө тийиш.

70. Ижара мөөнөтүн узартууда ижара акысы тараптардын макулдашуусу боюнча белгиленет.

71. Ижара келишими төмөнкү учурларда токтотулат:

1) келишимди колдонуу мөөнөтү жана/же мындай ижара келишимин узартуу жөнүндө кошумча макулдашуунун мөөнөтү аяктаганда;

2) тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча ижара келишими бузулганда;

3) Ижарага берүүчүнүн талабы боюнча ижара келишимин мөөнөтүнөн мурда бузганда;

4) ижарачы–юридикалык жак жоюлганда;

5) жеке жак – ижарачы каза болгондо, ал аракетке жөндөмсүз, аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген же дайынсыз жок деп табылганда;

6) ижарачы ижара акысынын өлчөмүн өзгөртүүгө макул болбогондо.

72. Ижарага берүүчү келишим шарттарын бузган ижарачыдан буларды четтетүүнү талап кылууга укуктуу. Эгерде:

1) ижара объектисин же мүлктүн багытын ижара келишиминин шарттарын бузуу менен колдонуп жатса;

2) муниципалдык мүлктү ижарага берүүчүнүн макулдугусуз субижарага өткөрүп берсе;

3) ижара келишиминде белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин катары менен эки жолудан ашык ижара акысын төлөбөсө;

4) эксплуатациялоо процессинде ижара объектинин техникалык мүнөздөмөлөрү начарласа, же зыянга учураса, аларды жоюу үчүн оңдоо-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү талап кылынса;

73. Ижарачы төмөнкү учурларда ижарага берүүчүдөн келишимдик милдеттенмелерди аткарууну жекетирген кемчиликтерди четтетүүнү талап кылууга укуктуу:

1) ижарага берүүчү келишимдин шарттарына ылайык ижара объектисин пайдаланууга тоскоолдуктарды жаратса;

2) ижарага берилген муниципалдык мүлктүн кемчиликтери болсо, ижара келишимин түзүүдө айтылбаса жана келишим түзүүдө ижара объектисин карап чыгуу учурунда аныкталбай калса.

74. Ижара келишимин токтотуу ижарачыны ижара акысын төлөө жана туумдар менен айыптарды төлөө зарылчылыгынан бошотпойт.

75. Ижарачы ижара мөөнөтүнүн ичинде капиталдык ремонт жасаган учурда тараптардын макулдашуусу боюнча ремонт иштерине кеткен чыгымдар ижара акысы катары эсепке алынышы мүмкүн.

76. Муниципалдык мүлктүн эскиришин калыбына келтирүү жана амортизациялык чегерүүлөрдү топтоо боюнча тараптардын милдеттенмелерди аткаруусу боюнча талаптарды көрсөтүү ижара келишимин түзүүдө милдеттүү шарт болуп саналат.

77. Ижарага берүүчү амортизациялык чегерүүлөрдү топтоо боюнча шарттардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылууга милдеттүү.

78. Ижара объектисин кабыл алуу-өткөрүп берүү жөнүндө шарттар ижара келишимине киргизилүүгө тийиш.

79. Эгерде ижара келишиминде башкача каралбаса, ижара объектисин кабыл алуу-өткөрүп берүүгө даярдоо ижарага берүүчүнүн милдети болуп саналат жана анын эсебинен жүзөгө ашырылат.

80. Келишим токтотулганда ижарачы ижара объектисин жакшы абалда ижарага берүүчүгө кайтарып берүүгө милдеттүү.

81. Ижара келишими боюнча милдеттенмелер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жарандык-укуктук, тартиптик же жазык жоопкерчилигине тартылышат.

82. Күнөөлүү тарап экинчи тарапка келтирилген материалдык зыяндын жана ижара келишими боюнча өз милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган бардык чыгымдардын ордун толтурууга милдеттүү.

**Ноокат шаардык кенешинин**
**жооптуу катчысы** **М.Ярматов**

1-тиркеме

Кимге:

______________________________

ММДнын директоруна

Кимден:

___________________________________

(аты-жөнү)

_____________________________________

Тел.:________________________________

**АРЫЗ**

_____________________________ муниципалдык менчиктеги объектти ижарага берүү боюнча тоорукка (аукционго/конкурска) катышууга уруксат берүүңүздү өтүнөм.

Тиркелген документтердин

тизмеги: 1)

_____________________________________________________________________

2)

_____________________________________________________________________

3)

_____________________________________________________________________

4)

_____________________________________________________________________

Өтүнмө ээсинин кол тамгасы

______________________________________________________________________

(инициалдары жана фамилиясы)

20 ____-жылдын"___"-_______________.

Өтүнмөнү каттоо күнү жана номери

20____-жылдын"___"-____________ № ______

_________________________________________________________________________

(өтүнмөнү кабыл алган адамдын кызматы,инициалдары жана фамилиясы,колтамгасы)

2-тиркеме

**КАБАРЛАМА**

**(документтерди каттоо жана кабыл алуу жөнүндө)**

20___-жылдын «___»-______________________

_________________шаары/айылдык

аймак Каттоо номери ___________

1. Кимден:

____________________________________________________________

(фамилиясы, аты, атасынын аты, талапкердин–жеке жактын паспортунун

номери,

____________________________________________________________________

юридикалык жактын аталышы)

______________________________ муниципалдык менчигинде турган жана __________________________________________________дареги боюнча жайгашкан

(жайгашкан жердин сүрөттөлүшү)

объектти ижарага алуу үчүн тоорукка (аукционго, конкурска) катышууга өтүнмө кабыл алынды.

2. Тоорук (аукцион, конкурс) 20 __-жылдын"___"-_____________өтөт.

_________________________________имаратындагы кабинеттин №________

Дареги ______________________________________________________

(жайгашкан жери–толугумененжазылат)

3. Өтүнмө менен катар төмөнкү документтер кабыл алынды:

____________________________________________________________________

____________________________________________________________________

Талапкердин өтүнмөсүн кабыл алуу жана каттоо үчүн жооптуу адамдын аты-жөнү, кызматы жана кол тамгасы

___________________________________________________

(колтамгасы)

3-тиркеме

**Өтүнмө ээлерине (талапкерлерге)
тоорукка катышууга уруксат берүү
жөнүндө**

**20___-жылдын«___»-__________________№ ____**

## ПРОТОКОЛ

Комиссиянын курамы:

Төрагасы ____________________________________________________

Катчысы________________________________________________________

Комиссиянын мүчөлөрү____________________________________________

Өтүнмөлөрдүн саны ____________________

Тоорукка катышууга уруксат алган өтүнмө ээлери (талапкерлер) (аты-жөнү):

1. ________________________________________________________________
2. ________________________________________________________________
3. ________________________________________________________________

Тоорукка катышууга уруксаты жок өтүнмө ээлери (талапкерлер) (аты-жөнү):

1. ______________________________(уруксат берилбеген себебин көрсөтүү менен)

2. ______________________________(уруксат берилбеген себебин көрсөтүү менен)

3. ______________________________(уруксат берилбеген себебин көрсөтүү менен)

Комиссиянын төрагасы ________________________________

4-тиркеме

**Аукционду өткөрүүнүн жыйынтыктары**

**жөнүндө 20______-жылдын «_________»-**

**_____№ __________**

**ПРОТОКОЛ**

Аукциондун уюштуруучусу: ____________________________________________

Аукционду алып баруучу:

Жеңүүчү: ____________________________________________

Экинчи жеңүүчү: ____________________________________________

Ушул лот боюнча аукционго катышкан катышуучулардын саны___________

Номер ______лот

Объекттин аталышы ____________________________________________

Жайгашканжери____________________________________________

Объекттин мүнөздөмөлөрү (аянты,жылыж.б.)__________________________

____________________________________________

Ижара мөөнөтү ____________________________________________

(сандар жана сөзменен)

Баштапкы баасы ____________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Акыркы баасы ____________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Тооруктарды уюштуруучу____________________________________________

(аты-жөнү)

(колтамгасы)

Аукционду алып баруучу

_________________(аты-жөнү)

(колтамгасы)

Аукциондун жеңүүчүсү ________________________________________

(аты-жөнү)

(колтамгасы)

5-тиркеме

**Муниципалдык менчиктеги объектти ижарага берүү укугуна конкурс өткөрүүдө баалоо критерийлери**

| № | Критерийдинаталышы | Баалоочуу пайлар |
|---|---|---|
| 1. | **Бул объект үчүн коюлган максатка жетүүнүн негиздүүлүгү** | |
| | -максатка жетүү мүмкүн болбойт деген жогорку тобокелдиктер | 0 |
| | -максатка жарым-жартылай жетүүгө болот | 10 |
| | -максатка жетүү ыктымалдыгы жогору | 20 |
| 2. | **Жергиликтүү жамаатка тийгизген оң таасири** | |
| | -пайданы жарандардын чакан тобу көрөт | 5 |
| | -оң таасирин бардык айыл сезет | 10 |
| | - оң таасир шаардын/айыл аймагынын бардык чегинде болот | 20 |
| 3. | **Муниципалдык менчиктеги объектти туруктуу пайдалануу** | |
| | - мүлктүн эскиришин калыбына келтирүүнүн туруктуу ыкмалары каралганэмес | 0 |
| | -эскирген мүлктү калыбына келтирүү ыкмалары формалдуу мүнөзгө ээ | 5 |
| | - келечекте аларды максаттуу пайдалануу менен амортизациялык чегерүүлөрдү топтоо ыкмалары толугу менен каралган | 10 |
| 4 | **Жарандардын аялуу топторуна тийгизген таасири** | |
| | -жарандардын аярлуу топторуна колдоо көрсөтүү каралган эмес | 5 |
| | - калктын аялуу катмарындагы адамдар үчүн белгилүү бир жумуш орундарын түзүү болжолдонууда | 10 |

| | | |
|---|---|---|
| | -долбоор толугу менен жарандардын Аярлуу топторун колдоого багытталган | 25 |
| 5. | **Инновацияларды киргизүү** | |
| | -инновациялар жок | 0 |
| | -инновация өтүнмө ээсинин өзүнүн ишин жакшыртууга таасир этет | 10 |
| | - инновация бүтүндөй жамааттын өнүгүшүнө таасир этет | 25 |
| | Бардыгы | Максималдуу 100 балл |

6-тиркеме

**Конкурсту өткөрүүнүн жыйынтыктары**

**жөнүндө 20______-жылдын «_________»-**

**_____№ __________**

**ПРОТОКОЛ**

Комиссиянынкурамы:

Төрага _______________________________________________________

Катчы ________________________________________________________

Комиссиянын мүчөлөрү______________________________________________________

Жеңүүчү: _____________________________________________________

Экинчи жеңүүчү: _______________________________________________

Объекттин аталышы _____________________________________________

Жайгашканжери_________________________________________________

Объекттинмүнөздөмөсү(аянты,жылыж.б.)___________________________

Ушул лот боюнчатүшкөн сунуштардын саны ___________________

| Катышуучу | Конкурстук сунуш | Упайлардын саны |
|---|---|---|
| Конкурстун жеңүүчүсү | | |
| Экинчи жеңүүчү | | |
| ж.б. | | |

Ижара мөөнөтү _______________________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Ижара акысы _______________________________________________________

(сандар жана сөз менен)

Конкурстук комиссиянын төрагасы _______________________________________________________

(аты-жөнү) (колтамгасы)

Конкурстук комиссиянын катчысы _______________________________________________________

(аты-жөнү) (колтамгасы)

______________________________________________________ ы)

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №13 токтомуна №2 тиркеме**

**Жер участогун ижаралоонун**

**ТИПТҮҮ КЕЛИШИМИ**

Ноокат шаары                                        20__-жылдын “__” _______

Бир тараптан мындан ары “Ижарага берүүчү” деп аталуучу Ноокат шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик департаментинин атынан директор: ____________________________________
жана экинчи тараптан мындан ары “Ижарачы” деп аталуучу ______________
_______________________________________________________________атынан
(жеке жактын аты-жөнү же юридикалык жактын аталышы)
_____________________________________________________________________
(кызмат орду, аты-жөнү)
бирге “Тараптар” деп аталуучулар, төмөнкүлөр жөнүндө ушул Келишимди түзүштү:

**1. Келишимдин предмети**

1.1. Ижарага берүүчү Ижарачыга Ноокат шаары ____________________ дареги боюнча жайгашкан ушул Келишимге тиркелген жер участогунун схемасында көрсөтүлгөн чектерде аянты ______ чарчы метр жер участогун ____ жылдык мөөнөткө ижаралык пайдаланууга 20__-жылдын “__” ______________ Ноокат шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участогун ижарага берүү келишимин түзүү укугунда ______________________________________________________________
(муниципалдык менчикке мүлктү кайтаруу шарты менен (шарты жок) жер участогун пайдалануунун максаттуу дайындалышы көрсөтүлөт)
___________________________________________________________ үчүн берет.

**2. Ижара төлөмү**

2.1. Ижара төлөмдөрү келишимге кол койгон күндөн тартып эсептелет.

2.2. Жылдык ижара төлөмүн төлөө Ижарага берүүчү көрсөткөн алыш-бериш эсебине киргизүү жолу менен бирдей үлүштө ай сайын жүргүзүлөт.

2.3. Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, Ижарачы ижара төлөмүнөн тышкары жер салыгын төлөйт.

2.4. Ижара төлөмдөрүнүн өлчөмүнүн эсеби Ноокат шаардык кеңешинин тийиштүү токтому менен бекитилген ошол учурдагы колдонуудагы эсептерге ылайык аныкталат.

2.5. Ушул Келишимде белгиленген мөөнөттөрдө жер салыгы төлөнбөгөн учурда, Ижарачы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

**3. Ижарачынын уктары жана милдеттери**

**(олуттуу шарттар болуп саналат)**

3.1. Ижарачы төмөнкү укуктарга ээ:

3.1.1. Ушул Келишимде аныкталган максаттарга жана шарттарга ылайык ижарага алынган жер участогунда өз алдынча чарба жүргүзүү;

3.1.2. Муниципалдык менчикке мүлктү кайтарып берүү шарттары жок берилген жер участогунда Ижарачы тарабынан тургузулган имараттар, курулмалар, көрктөндүрүү элементтери анын менчиги болуп саналат.

3.1.3. Өз милдеттерин талаптагыдай аткарууда жана мүлктү муниципалдык менчикке кайтарып берүү шарты жок берилген жер участогуна келишимдин колдонуу мөөнөтү бүткөндө ушул Ижара келишиминин колдонуу мөөнөтүн белгиленген тартипте жаңы мөөнөткө узартууга укуктуу.

3.1.4. Ижарачы төмөнкүлөргө милдеттүү:

3.1.5. Ижарачыга жер участокту түзүү менен байланышкан чыгымдарды эсептөөлөргө ылайык төлөөгө.

3.1.6. Ижарага алынган жер участокту максаттуу дайындалышына ылайык аны өзгөртүү укугусуз натыйжалуу пайдаланууга.

3.1.7. Пайдалануу мөөнөтү аяктаган учурдан тартып, ушул Келишим түзүлгөн учурга чейин жер участогун иш жүзүндө пайдалангандыгы үчүн ижаралык төлөмдөрдү төлөөнү Ноокат шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик департаменти тарабынан берилген эсептөөлөргө ылайык жүргүзүүгө.

3.1.8. Укук ырастоочу документ тариздელгенден кийин 3 жумуш күндүн ичинде шаардын курулушу боюнча кезметтик планын киргизүү үчүн Ноокат райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан каттоодон өтүүгө.

3.1.9. Жер участогуна укук ырастоочу документ тариздeлгенден кийин бир айдын ичинде Ноокат райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан архитектуралык-пландоо шартын (АПШ) тапшырыктоого.

3.1.10. Бул аймакты куруунун долбоорун иштеп чыгууга жана Ноокат райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан менен келишим түзүлгөн күндөн тартып, алты айдын ичинде белгиленген тартипте макулдашууга. Долбоорду бекитүүгө, объектти Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясында объектти каттоого жана мамлекеттик экспертизадан өтүүгө, объектти белгиленген тартипте курууга киришүүгө.

3.1.11. Жер участогун өздөштүрүүнү, ижара келишимин түзгөн учурдан тартып белгиленген грфикке ылайык объекттин курулушун аяктоого жана объектти эксплуатацияга берүүгө.

3.1.12. Берилген жер участогунда жана ага жанаша жайгашкан аймакта жайгашкан инженердик тармактарды техникалык тейлөө жана оңдоо үчүн эркин жетүүнү камсыздоого.

3.1.13. Көрктөндүрүүнү, жашылдандырууну (көк майсандарды, гүлзарларды уюштуруу), ирригациялоону аткарууга (арыктарды калыбына келтирүү), өтүү жолдорун асфальттоону жана “төшөлмө таш” тибиндеги плиталар менен тротуарларды төшөөгө, сутканын түнкү убагында тышкы жарыктандырууну (шам чырактарды орнотуу) камсыздоого.

3.1.14. Аймакты тазалоону, таштандыларды ташып чыгарууну камсыздоого, көрктөндүрүү элементтерин талаптагыдай техникалык, санитардык жана эстетикалык абалда күтүүгө.

3.1.15. “Ноокат-Тазалык” муниципалдык ишканасы менен таштандыларды жана катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгарууга карата келишим түзүүгө.

3.1.16. Өз эсебинен төмөнкүлөр жүзөгө ашырылсын:

жер участогун жана жанаша жайгашкан аймакты зарыл болгон учурда короо аймагын санитардык тазалоо;

жер участогуна жанаша жайгашкан же ал аркылуу өткөн ирригациялык тармактарды тазалоо жана калыбына келтирүү.

3.1.17. Төмөнкүлөргө жол берилбесин:

жанаша жаткан аймакта жайгашкан бак-дарактарга зыян келтирүүгө, кыюуга же жок кылууга;

жер участокто, жанаша жайгашкан аймакта же короонун аймагында таштандылардын топтолушуна;

өзүнүн чарбалык иш-аракеттеринин натыйжасында ижарага алынган жер участогунда жана жанаша жайгашкан аймактарда экологиялык абалдын начарлашына;

ижарага алынган жер участогунда баш-аламан көчө соодасына жана жанаша жайгашкан аймактарда чарбалык иш-аракеттерге.

3.1.18. Накта чек аралар белгилегенден кийин жер участокту пайдаланууга киришүүгө жана мөөнөттүү (убактылуу) жер пайдалануу укугун күбөлөндүрүүчү документтерди белгиленген тартипте алууга.

3.1.19. Жер участокту пайдалануу мөөнөтүнүн ичинде имараттарды жана курулмаларды, инженердик тармактарды курууга, макулдашылган долбоорго ылайык, эгерде бул жер участокту берүүнүн зарыл шарты болуп эсептелсе, берилген жер участокту жана жанаша жайгашкан аймакты көрктөндүрүүгө.

3.1.20. Ушул Келишим тарабынан белгиленген курулуштун мөөнөтү бузулган учурда, Ижарага берүүчүгө курулуштун ченемдик мөөнөтү аяктаган учурдан тартып, ижаралык төлөмдүн толук наркын төлөп берүүгө.

3.1.21. Өз эсебинен ижарага алынган участокту таштанды таштоодон, сууга батыруудан, сазга айлантуудан, булгоодон коргоо боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ижарага алынган жер участогун күтүү боюнча башка чыгымдарды тартууга.

3.1.22. Башка жер пайдалануучулардын укуктарын, ошондой эле суу, токой жана башка жаратылыш объекттерин пайдалануу тартибин бузбоого.

3.1.23. Өзүнүн чарбалык иш-аракеттеринин натыйжасында ижарага алынган жердин сапатынын начарлашына жана экологиялык токтоп калуусуна байланыштуу Ижарага берүүчүгө жана байланышы бар жер пайдалануучуларга колдон чыгарылган пайданы кошуу менен, толук көлөмдө ордун толтурууга.

3.1.24. Берилген жер участогунда жерлерди пайдаланууну жана коргоону, объекттерди курууну жана эксплуатациялоону контролдоону жүзөгө ашыруучу тийиштүү мамлекеттик органдардын берилген жер участогуна эркин жетүүсүн белгиленген тартипте камсыздоого.

3.1.25. Жер участогун пайдалангандыгы үчүн ижаралык төлөмдөрдү өз убагында төлөөгө. Ижара төлөмдөрүн төлөө боюнча милдеттенмелер бузулган учурда, мөөнөтү өткөн ар бир күн үчүн карыздын суммасынан 0,1 пайыз өлчөмдө, бирок негизги карыздын суммасынын 50 пайызынан ашпаган туум эсептелет. Айып пулду жана туумду төлөгөндүгү Ижарачыны жер участокту ижаралоо үчүн негизги сумманы төлөөдөн бошотпойт.

3.1.26. Жер участогун пайдалангандыгы үчүн төлөнгөн ижаралык төлөмдү, ошондой эле туумду жана айып пулду белгиленген тартипте тариздеген төлөм документи түрүндө тастыктоого, анын көчүрмөсү Ноокат шаарынын мэриясынын Муниципалдык менчик департаментине берилет.

3.1.27. Жер салыгын өз убагында төлөп турууга. Жер салыгын төлөө боюнча милдеттенмелер бузулган учурда Ижарачы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

3.1.28. Мүлктү муниципалдык менчикке кайтаруу шарты менен Келишимдин колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин курулган жана тургузулган

имарат жана курулма менен жер участогун Ижарага берүүчүгө кайтарып берүүгө.

3.1.29.Ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин 3 (үч) ай калганда Ижарага берүүчүгө жаңы мөөнөткө келишим түзүү ниети же аны түзүүдөн баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүүгө.

3.2. Ижарачы төмөнкүлөргө укугу жок:

3.2.1. Ушул Келишим боюнча өзүнүн укуктарын жана милдеттерин башка адамга өткөрүп берүүгө.

3.2.2. Ижарага алынган жер участогун кайтарымсыз пайдаланууга өткөрүп берүүгө.

## 4. Ижарага берүүчүнүн укуктары жана милдеттери

4.1. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө укуктуу:

4.1.1. Жерлердин пайдаланылышына жана корголушуна контролду жүзөгө ашырууга.

4.1.2. Келишимди төмөнкү учурларда бир тараптуу тартипте бузууга:

а) жер максаттуу эмес дайындалышы боюнча пайдаланылганда;

б) жер участогун кыртыштын асылдуулук катмарынын бузулушуна, экологиялык кырдаалдын начарлашына алып келген ыкмалар менен пайдаланууда;

в) келишимде белгиленген мөөнөттөрдө ижаралык төлөм төлөнбөгөндө;

г) белгиленген мөөнөттөрдө жер участогу өздөштүрүлбөгөн учурда;

д) ушул Келишимдин шарттары аткарылбаганда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулганда.

4.1.3. Ижарачынын чарбалык иш-аракетинин жыйынтыгында жердин сапатынын жана экологиялык кырдаалдын начарлашына алып келген чыгымдардын ордун толтуруп берүүнү талап кылууга.

4.1.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүү киргизилген учурда Ижарачы менен макулдашуу боюнча Келишимге зарыл болгон өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду жана тактоолорду киргизүүгө.

4.1.5. Жер, жаратылышты коргоо жана башка мыйзамдар, ошондой эле ушул Келишимдин шарттары бузулганда Ижарачы тарабынан жүргүзүлүүчү ишти токтотууга.

4.2. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.2.1. Ижарачыга жер участогун ушул Келишимдин шарттарына ылайык абалда берүүгө.

4.2.2. Ижарачынын чарбалык иш-аракеттерине кийлигишпөөгө, жер участогун натыйжалуу пайдаланууга тоскоолдук көрсөтпөөгө, эгерде алар мыйзамга жана ушул Келишимдин шарттарына карама-каршы келбесе.

4.2.3. Ижаралык пайдаланууга берилген жер участогунун абалына контролду жүзөгө ашырууга.

4.3. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө укугу жок:

4.3.1. Ушул Келишимде көрсөтүлгөн жер участогун же анын бир бөлүгүн пайдалануу укугун Келишимде белгиленген тартипте жокко чыгарбастан үчүнчү жакка берүүгө.

## 5. Тараптардын жоопкерчилиги

5.1. Ушул Келишим Ижарага берүүчү тарабынан мөөнөтү бүткөнгө чейин 30 күн мурда жазуу жүзүндөгү эскертүү боюнча бир тараптуу тартипте өзгөртүлүшү же токтотулушу мүмкүн.

5.2. Тараптардын ар бири Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул Келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

### 6. Талаш-тартыштарды чечүүнүн тартиби

6.1. Ижарачынын чарбалык иш-аракеттери процессинде келип чыккан бардык талаш-тартыштарды Тараптар сүйлөшүү жолу аркылуу чечишет.

6.2. Макулдашууга жетишилбеген учурда, талаш-тартыш маселелери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилет.

### 7. Башка шарттар

7.1. Ижарачы тарабынан жүргүзүлгөн жер участогунан бөлүнбөс жакшыртуулардын наркы ордун толтурууга жатпайт.

7.2. Ижарага берүүчүнүн макулдугу менен Ижарачы каалаган убакта, ал тараптан ушул Келишимдин шарттары бузулбаган учурда, Ижарага берүүчүгө 13 ай мурда жазуу түрүндө эскертүү менен ушул Келишимди буза алат.

7.3. Кыргыз Республикасынын жер укуктук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдары өзгөртүлгөн учурда, ушул Келишимдин шарттарына өзгөртүүлөр, толуктоолор бир тараптуу тартипте Ижарага берүүчү тарабынан киргизилиши мүмкүн.

7.4. Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ болгон 2 нускада түзүлөт. Бир нуска Ижарага берүүчүдө, экинчиси - Ижарачыда калат.

7.5. Келишим 3 жылдан ашуун мөөнөткө түзүлгөн учурда келшим 3 нускада түзүлөт. Бир нуска Ижарага берүүчүдө, экинчиси - Ижарачыда калат жана үчүнчүсү - Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча ыйгарым укуктуу органга каттоого берилет.

### 8. Өзгөчө шарттар

8.1. Ноокат шаарында жер участогун мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү боюнча комиссиянын чечимине ылайык Ижарачы төмөнкүлөргө милдеттүү:

________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________
________________________________________________________________________

### 9. Тараптардын юридикалык даректери жана банктык реквизиттери

| | |
|---|---|
| ИЖАРАГА БЕРҮҮЧҮ: | ИЖАРАЧЫ: |
| **Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти** | ____________________________________________________________<br>__________<br>___________________________________<br>____________________________________________________________<br>____________________________________________________________<br>____________________ |

| | |
|---|---|
| Директор:<br>______________________________________<br>(кол тамгасы)<br>Мөөр орду | (кол тамгасы)<br>Мөөр орду |

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №14**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарындагы муниципалдык жерлерди (жер тилкелерин) пайдалангандыгы үчүн ижара акыларын аныктоо боюнча эсептөөлөрдү бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясынын Ноокат шаарындагы муниципалдык жерлерди (жер тилкелерин) пайдалангандыгы үчүн ижара акыларын аныктоо боюнча эсептөөлөрдү бекитүү жөнүндөгү сунушу боюнча маселе Ноокат шаардык кенешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаарындагы муниципалдык жерлерди (жер тилкелерин) пайдалангандыгы үчүн ижара акыларын аныктоо боюнча эсептөөлөр №1-тиремеге ылайык бекитилсин.

2.Ноокат шаарындагы муниципалдык жерлерди (жер тилкелерин) пайдалангандыгы үчүн ижара акыларын аныктоо боюнча Ноокат шаарынын экономикалык пландаштыруу зоналары №2-тиремеге ылайык бекитилсин.

3.Ноокат шаарынын мүлкүнө сырткы жарнак жана маалымат объектисин орнотуу жана пайдалануу келишими боюнча төлөмдүн өлчөмүн аныктоо ирети №3-тиремеге ылайык бекитилсин.

4.Ноокат шаарынын мүлкүнө сырткы жарнак жана маалымат обьектисин орнотуу жана пайдалануу келишими боюнча төлөмдүн өлчөмүн аныктоо боюнча Ноокат шаарынын экономикалык пландаштыруу аймактарынын картасы№4-тиремеге ылайык бекитилсин.

5.Ноокат шаарындагы муниципалдык жерлерди (жер тилкелерин) пайдалангандыгы үчүн ижара акыларын аныктоо боюнча эсептөөлөр ушул токтомго ылайык жүргүзүлсүн.

6.Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик жана укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

7.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ноокат шаардык кенешинин муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Т.Т.Кадирбаевке жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №14 токтомуна №1 тиркеме**

**Ноокат шаарындагы муниципалдык жерлерди ( жер тилкелерин) пайдалангандыгы үчүн ижара акыларын аныктоо боюнча эсептөөлөр**

Бул эсептөөлөр Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексин, КРнын Жер Кодексинин, “Ноокат шаарынын статусу жөнүндөгү” КРнын мыйзамынын, “Айыл чарба багытындагы жерлерди, короо алдындагы жана айыл чарбалык

эмес багыттагы жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгынын базалык ставкалары жөнүндөгү” КРнын мыйзамынын, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрция жөнүндөгү” КРнын мыйзамынын 27-беренесинин, “Мүлккө муниципалдык жөнүндөгү” КРнын мыйзамынын талаптарын эске алуу менен ижара мамилелерин аныктоочу башка нормативдик актылардын негизинде, ошондой эле жер участокторунун акысын эсептеп чыгуу жана ижара келишимдерин бекемдөө тартибин аныктайт.

**Ап-ар бир айлык ижара акысы:**
**Н-Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык жер салыгынын ставкасы:**
**S-тилкесинин аянты, чарчы метр:**
**К1-функционалдык багыттардын коэфиценттери:**

Н*S*К1*К2
Н- жер налогунун ставкасы-1.8
S-жер участкасынын аянты(кв.м.)
К1- белгиленген функционалдык
коэффициент
К2- аренда акынын зоналык ставкасы ( сом/кв)

- аттракцион жана карусельдер 2 (эки) сом
– курулушуна кошумча кирүүчү тепкичтер жана отургучтар- 7 (жети)сом
-Жер аянтына чектеш (анклап) жерлер максаттуу багытына карабастан 6 (алты) сомдон

-Офистер, компьютердик класстар, башка жактан кирүүчү түзүлүштөрү бар кайра жасалган квартиралар, кароолканалар, навестер, автоунаа токтоочу жайлар -22 (жыйырма эки) сом

-нан сатуучу түйүндөр, турмуш тиричилик жактан тейлөө, байланыш түйүндөрү, -25 (жыйырма беш) сом

- газета сатуу түйүндөр, авикассалар -38 (отуз сегиз) сом

-сүрөт тартуучу түйүндөр, дүкөн киосктор, ларектор, дүкөндүн алдына чыгарып жүргүзүүчү соода, көчөдөгү соода түйүндөр, убактылуу аянтчалар, коомдук тамак аш, автосервис түйүндөрү-41 (кырк бир) сом.

-банкоматтар, экономикалык зонасына карабастан бир айлык ижара акысы 98 (токсон сегиз) сом
-ломбарддар, акча алмаштыруучу жайлар, экономикалык зонасына карабастан 64 (алтымыш төрт) сом
-уюлдук байланыш түйүндөрүнүн мунарасы үчүн жайгашкан жерине карабастан бир айлык ижара акысы 10 000 (он миң) сомдон кем эмес болсун:
Ошондой эле сезондук соода сатыктардын төмөндөгүдөй таблицалык формасы бектилсин.

| № | Сооданын аталышы | Ижара келишиминин мөөнөтү | Ижара акысынын болжолдуу суммасы |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Дарбыз, коон | 1 ай | 2000 |
| 2 | Жашылча жемиштер, гүл сатуу | 1 ай | 2000 |
| 3 | Газ суу, шербет, ж.б | 1 ай | 2000 |
| 4 | Балмуздак, башка сезондук көчөгө коюлуучу соода точкалары | 1ай | 2500 |

К 2-зоналар боюнча ижара акынын нормативдик ставкасы:
1-зона -1,8
2-зона – 1.4
3-зона- 1

Эгерде К 1 коэффициенти айрым обьектилер боюнча жогоруда көрсөтүлбөсө, курулуш курулбаса же курулуп бирок иштебей турса, К 1 коэфицентине 1 коэффициентин колдонууга жол берилет. Айрым учурларда, эгерде жол тилкеси абдан көп жерде, көчөлөрдүн кесилишинде, чоё мекеме ишканалардын жана административдик борборлордун жанында жайланышкан болсо К1 коэффициент 1, 1 ден 2.0 ге чейинки түзөтүү коэффициенттери колдонууга жол берилет. Бул учурда негиздөө тийиштүү адистер тарабынан эсептөө корутундусу же акт түзүлөт.

Эскерүү: Ноокат шаар мэриясынын алдында атайын түзүлгөн жерге жайгаштыруу комиссиясы инфляцияга карап 50 % га чейин ижара акысын жогорулатууга жогорулаттууга.

**Ноокат шаардык кеңешинин**
**жооптуу катчысы** **М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №14 токтомуна №2 тиркеме**

**Ноокат шаарындагы муниципалдык жерлерди ( жер тилкелерин) пайдалангандыгы үчүн ижара акыларын аныктоо боюнча Ноокат шаарынын экономикалык пландаштыруу зоналары**

**1-Зона**

- С.Алимбаев атындагы көчөсү, борбордук айлампадан Б.Абдираимов атындагы көчөгө чейин
- Ош көчөсү борбордук айлампадан Ноокат автовокзалына чейинки аралык
- О.Солтобаев атындагы көчөсү борбордук айлампадан А.Лутфуллаев атындагы көчөсүнө чейинки аралык
- Ленин көчөсү борбордук айлампадан Б.Абдираимов атындагы көчөгө чейинки аралык
- Борбордук оруукананын айланасы
- А.Мирмахмудов атындагы көчөсү С.Алимбаев атындагы көчөсү менен кесилишкен жеринин А.Төлөнов көчөсүнө чейинки аралык
- Н.Исанов атындагы эс алуу багы

**№2-Зона**

-А.Лутфуллаев көчөсү

-М.Эргешов атындагы көчөсү

-С.Алимбаев атындагы көчөсүнүн 1-зонада каралбаган бөлүктөрүү

-Ленин көчөсүнүн 1-зонада каралбаган бөлүктөрүү

-Жамий көчөсүнөн Ош көчөсүнө чейинки аралык

-Шаар маала көчөсү борбордук базардын айланасы

-Ош көчөсү 1-зонада каралбаган бөлүктөрү

-Барын көчөсү

-А.Мирмахмудов атындагы көчөсүнүн 1-зонада каралбаган бөлүктөрү

**№3- Зона**

Биринчи жана экинчи зонада каралбаган шаар аймагындагы башка көчөлөр №3-зона болуп эсептелет.

**Ноокат шаардык кеңешинин**
**жооптуу катчысы** **М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №14 токтомуна №3 тиркеме**

**Ноокат шаарынын мүлкүнө сырткы жарнак жана маалымат обьектисин орнотуу жана пайдалануу келишими боюнча төлөмдүн өлчөмүн аныктоо ирети**

Бул ирет Ноокат шаарынын сырткы жарнак жана маалымат обьектилерин убактылуу ижара келишимин негизинде ижрага берүү боюнча ижара төлөмдүн өлчөмү төмөндөгүдөй аныкталат

1.Ноокат шаар мэриясынын сырткы жарнак жана маалымат обьектилерин орнотуу жана пайдалануу төлөмдөрүнүн өлчөмү төмөндөгү формула менен аныкталат, бир айына сом менен:

БС*S*П*К1*К2

БС – базалык өлчөм, анын өлчөмү 35 сомго барабар ( кошумча баа салыгы кошулбаганда)

S-сырткы жарнак обьектисинин маалымат талаа аянты ( ч.м)

П-сырткы жарнак жана маалымат обьектилерин орнотуу мезгили (өлчөө бирдигин- жыл мезгилди ай боюнча эсептегенде бир айдын 1.2 базалык өлчөмү колдонулат , мезгилди күн боюнча эсептегенде бир күндүн 1.365 базалык өлчөмү колдонулат)

К1- аймактык коэффициентти:

| Зонасы | К1 коэффициенттинин мааниси |
|---|---|
| 1 | 1,8 |
| 2 | 1,4 |
| 3 | 1,0 |

К2- сырткы жарнак жана маалымат обьектилерине төлөнүүчү өлчөмдүн, анын ар бир тарабындагы маалымат талаасынын аянтына көз карандуулугун чагылдыруучу, төлөмүнүн коэфицент

| Сырткы жарнак жана маалымат обектилерин жайгашуусу | К2 коэффициентинин мааниси |
|---|---|
| Унаа каражатынын жол жүрүү тилкесинин үстүнө орнотуулга ылайыкташтырылган сырткы жарнак жана маалымат обьектилери (кыймылдын багыты боюнча көрүүгүү шарты бар учурда) | 1.6 |
| Унаа каражатынын жол жүрүү | 1.4 |

| | |
|---|---|
| тилкесинин үстүнө орнотуулга ылайыкташтырылган сырткы жарнак жана маалымат обьектилери (кыймылдын багыты боюнча көрүү шарты начар учурда) | |
| Жөө жүрүүлөр жүрүүчү жайларга | 1 |

Ноокат шаар мэриясынын муниципалдык жерлерине сырткы жарнак жана маалымат обьектисин орнотуу жана пайдалануу боюнча убактылуу ижара келишимин негизинде жер аянтын ижрага берүү боюнча ижара төлөмдүн өлчөмү төмөндөгүдөй аныкталат.

1.Ноокат шаар мэриясынын муниципалдык жерлерине сырткы жарнак жана маалымат обьектилерин орнотуу жана пайдалануу төлөмдөрүнүн өлчөмү төмөндөгү формула менен аныкталат, бир жылына сом менен:

БС*S*П*К1*К2

БС– базалык өлчөм, анын өлчөмү 35 сомго барабар ( кошумча баа салыгы кошулбаганда)

S-сырткы жарнак обьектисинин маалымат талаа аянты ( ч.м )

П-сырткы жарнак жана маалымат обьектилерин орнотуу мезгили (өлчөө бирдигин- жыл мезгилди ай боюнча эсептегенде бир айдын 1.2 базалык өлчөмү колдонулат, мезшилди күн боюнча эсептегенде бир күндүн 1.365 базалык өлчөмү колдонулат)

К1- Бекитилген аймактардын негизинде аймактык жайланышын эсепке алуучу коэффициентти:

| Зонасы | К1 коэффициенттинин мааниси |
|---|---|
| 1 | 1,8 |
| 2 | 1,4 |
| 3 | 1,0 |

К2- сырткы жарнак тактачасы орнотулган жер аянт ( ч.м )

Багытын көрсөтүүчү (указатель) көргөзмө көрнөк орнотуу үчүн жайгашкан жерине карабастан бир жылдык ижара акысы 3 000 сом өлчөмүндө чегирилет.

Эскерүү: Ноокат шаар мэриясынын алдында атайын түзүлгөн жерге жайгаштыруу комиссиясы инфляцияга карап 10 % га чейин ижара акысын жогорулатууга жогорулаттууга укуктуу.

**Ноокат шаардык кеңешинин**
**жооптуу катчысы** **М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №14 токтомуна №4 тиркеме**

**Ноокат шаарынын мүлкүнө сырткы жарнак жана маалымат обьектисин орнотуу жана пайдалануу келишими боюнча төлөмдүн өлчөмүн аныктоо боюнча Ноокат шаарынын экономикалык пландаштыруу аймактарынын картасы**

**1-аймак**

- С. Алимбаев атындагы көчөсү
- Ош көчөсү
- О.Солтобаев көчөсү
- Ленин атындагы көчөсү
- А.Мирмахмудов атындагы көчөсү

**№2-аймак**

-А.Лутфуллаев атындагы көчөсү

-М.Эргешов атындагы көчөсү

-Шаар маала көчөсү

-Барын кварталынын көчөлөрү

**№3- аймак**

Биринчи жана экинчи аймак карабаган шаар аймагындагы башка көчөлөр **№3-**аймак болуп эсептелет.

**Ноокат шаардык кеңешинин жооптуу катчысы** **М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №15**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин 2024-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясынын Ноокат шаардык кенешинин кезектеги сессиясында Ноокат шаарынын 2024-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн бекитип берүү жөнүндөгү сунушун негизинде Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин 2024-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүн бекитүү боюнча маселе Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика, соода маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын-пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментине 2024-жылга бюджеттин эсебинен каралуучу бөлүнгөн акча каражатынын сметасы №1-тиркемеге ылайык бекитип берилсин.

2.Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментине 2024-жылга бюджеттин эсебинен каралуучу бөлүнгөн акча каражатынын сметасы №2-тиркемеге ылайык бекитип берилсин.

3.Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаментинин 2024-жылга мамлекеттик сатып алуулардан карыз, калдык кайрадан №3-тиркемеге ылайык бекитип берилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты О.Ж.Тургунбаевке тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №15 токтомуна №1 тиркеме**

**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаментине 2024-жылга бюджеттин эсебинен каралуучу акча каражатынын сметасы**

| № | Берене | Аталышы | Баасы сом менен | Квартал (аймак) | Каржылоо булагы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2111 | Айлык акы | **5 702654** | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| 2 | 2121 | Социалдык төлөмдөр | **757 221** | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| | | **Жыйынтык** | **6 459 875** | | | |
| 4 | 2211 | Жумуш сапары | **200 000** | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| 5 | 2231 | Электр энергия | **500 000** | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| 6 | 2212 | Мобилдик байланыш | **50 000** | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| 7 | 2214 | Атайын техникага тетиктерди сатып алуу | **100 000** | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| 8 | 2214 | Күйүүчү май (солярка) | **400 000** | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| | | **Жыйынтык** | **1 300 000** | | | |
| 9 | 2215 | Орг техника, видео камераларды тейлөө, коштоо кызматы | 100000 | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| 10 | 2215 | ДСД даярдоо жумуштары алдын ала пландоо кызматы | 500 000 | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| | 2215 | Курулушту техникалык көзөмөл жана смета жасатуу кызматы | 300 000 | ММД | Жергиликтүү бюджет | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 11 | 2215 | Ээси жок жерлерди мун. менчикке алуу үчүн | 300 000 | ММД | Жергиликтүү бюджет | |
| 12 | 2215 | Ар кандай мыйзамсыз курулуштарды тазалоо | 400 000 | Шаар боюнча | Жергиликтүү бюджет | |
| 14 | 2215 | Трансформаторлорго АПЗ даярдап, лабораториядан өткөрүү жана тех условия алуу. Ноокат РЭТ ишканасына өткөрүп берүү | 250 000 | Шаар боюнча | Жергиликтүү бюджет | |
| 15 | 2215 | Н.Исанов паркындагы тарыхый маданий мурастарды ондоп, түзөө кызматы | 900 000 | Таштак | Жергиликтүү бюджет | |
| 16 | 2215 | Даярдалган ДСДларды мам.экспертизадан өткөрүү | 100 000 | Кара турпак | Жергиликтүү бюджет | |
| | | **Жыйынтык 2215 берене** | **2 850 000** | | | |
| 17 | 2221 | Ноокат шаарындагы муниципалдык жолдорго зебра чийүү, ички жолдорду ондоп-тузөө жумуштары | 800 000 | Шаар боюнча | Жергиликтуу бюджет | |
| 18 | 2221 | Ноокат ЖКККББнын сунушу б-а жол белгилерин орнотуу | 300 000 | Шаар боюнча | Жергиликтуу бюджет | |
| 19 | 2221 | Көп кабаттуу үйлөрдүн алдын жарыктандыруу, эс алуучу жайлар жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык беруу | 300 000 | Таштак | Жергиликтуу бюджет | |
| 20 | 2221 | Шаардын аймагындагы светофорлорго кызмат көрсөтүү жана ремонттоо. Эски жол чырактарды калыбына келтирүү | 550 000 | Негизги көчөлөр | Жергиликтуу бюджет | |
| 21 | 2221 | Жаз жана жай айларына темир тосмолорду ондоп түзөп, сырдоо жумуштары | 200 000 | Негизги көчөлөр | Жергиликтуу бюджет | |
| | | **Жыйынтык 2221 берене** | **2  150000** | | Жергилктүү бюджет | |
| 22 | 2222 | КРсынын желегин сатып алуу | 100 000 | ММД | Жергилктүү бюджет | |
| 23 | 2222 | Кенсе жана чарбалык буюмдарын сатып алуу | 250 000 | ММД | Жергилктүү бюджет | |
| | | **Жыйынтык 2222 берене** | **350 000** | | Жергилктүү бюджет | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 24 | 3111 | М.Эргешов атындагы көчөсүндөгү көп кабаттуу үйлөрдүн арасына балдар аянтчасын куруу | 2 700 000 | Таштак | Жергилктүү бюджет | |
| 25 | 3111 | №40 көп кабаттуу үйдүн алдына асфальт төшөө | 630000 | Таштак | Жергилктүү бюджет | |
| 27 | 3111 | Г.Гулом көчөсүнүн арыктарын тазалоо | 200 000 | Кара турпак | Жергиликтүү бюджет | |
| 28 | 3111 | Кара Турпак көчөсүнө тротуар ачуу | 300 000 | Кара турпак | Жергиликтүү бюджет | |
| 28 | 3111 | Көп кабаттуу үйлөрдүн арасына сквер куруу | 300 000 | Таштак | Жергилктүү бюджет | |
| 39 | 3111 | Х. Самиев орто мектебинин жанына 400 ч.м жер аянтына балдар аянтча куруу | 600 000 | Кара тупрак | Жергилктүү бюджет | |
| 31 | 3111 | Барын кварталындагы беш көчөнү жарыктандыруу | 400 000 | Барын | Жергилктүү бюджет | |
| 32 | 3111 | Калктуу конуштардагы авариялык столбаларды алмаштыруу, ички көчөлөргө электр чубалгыларын тартуу, жарыктандыруу чырактарын орнотуу | 400 000 | Шаар боюнча | Жергилктүү бюджет | |
| 33 | 3111 | Көп кабаттуу үйлөрдүн арасына септик куруу | 453 000 | Таштак | Жергилктүү бюджет | |
| 34 | 3111 | Ханкелдиев көчөсүнө эки тарабына тротуар ачуу | 4 280 000 | Таштак | Жергилктүү бюджет | |
| 35 | 3111 | М.Эргешов атындагы көчөсүнүн бир тарабына тротуар ачуу | 750 000 | Таштак | Жергилктүү бюджет | |
| 36 | 3111 | Латок сатып алуу | 491 074 | Шаар боюнча | Жергилктүү бюджет | |
| 37 | 3111 | Декоративдүү дарак, арча ж.б сатып алуу | 400 000 | Шаар боюнча | Жергилктүү бюджет | |
| 4 | 3111 | А.Навои көчөсүнө асфальт төшөө | 950 000 | Бостон | Жергиликтүү бюджет | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 26 | 3111 | Шаардын аймагында заманбап ажаткана куруу | 1 115 051 | - | Жергилктүү бюджет | |
| | | **Жыйынтык 3111 берене** | **14 154 074** | | Жергилктүү бюджет | |
| 38 | 3112 | Кызматерлерге атайын компьютердик жабдыктар, заманбап технологиялар менен камсыз кылуу, проектор сатып алуу | 200 000 | ММД | Жергилктүү бюджет | |
| | | **Жалпысы болуп:** | ***27 414 000*** | | Жергилктүү бюджет | |

**Ноокат шаардык кеңешинин жооптуу катчысы :** **М.Ярматов**

Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №15 токтомуна №2 тиркеме

**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаментине 2024-жылга калдыктардын эсебинен каралуучу акча каражатынын сметасы**

| № | Берене | Аталышы | Баасы сом менен | Квартал (аймак) | Каржылоо булагы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3111 | Жащ куч спорт клубунун реконструкциялоо жана астына спорт аянтчасын куруу | 4 270309 | Таштак | Жергиликтүү бюджет | |
| 2 | 3111 | С.Алимбаев көчөсүнө лоток орнотуу | 1 000 000 | Таштак | Жергиликтүү бюджет | |
| 3 | 3111 | А.Абдуваитов мектебине өнүктүрүү фонддон спорт аянтча курууга өздүк салым | 5 000 000 | Бостон | Жергиликтүү бюджет | |
| 4 | 3111 | Т.Кулатов көчөсүндө Мечиттин алдындагы бош жер аянтын көрктөндүрүү | 672906 | Бостон | Жергилктүү бюджет | |
| | | **Жыйынтык 3111 берене** | **10 943 215** | | | |
| | | **Жалпысы болуп** | **10 943 215** | | | |

**Ноокат шаардык кеңешинин жооптуу катчысы :** **М.Ярматов**

Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №15 токтомуна №3 тиркеме

**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаментинин 2024-жылга карата мамлекеттик сатып алуулардан мекеме, уюмдар менен болгон карыз калдыктар.**

| № п/п | Наименование организации Учреждения, ЧП, МП, АО | Код статьи | Аталышы | Келишимдин суммасы | Калган сумма | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | ОсОО “Шанкол курулуш” | 3111 | Барын кварталындагы таза суу тутукторун тартуу | 4 227 018 | 3 381 613 | |
| **Итого:** | | | | | **3 381 613** | |

**Ноокат шаардык кеңешинин жооптуу катчысы : М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №16**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын Ноокат шаар кеңешинин жана Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлеринин бир айлык эмгек акысына үстөктөрдү кошуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 ПЖ Жарлыгынын 4-5-бөлүгүнө ылайык, Ноокат шаар мэриясынын, Ноокат шаар кеңешинин жана Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлеринин бир айлык эмгек акысына 50 пайыз үстөктөрдү бекитип берүү жөнүндө сунуштун негизинде, үнөмдөлгөн акча каражаттын эсебинен Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын жана Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын кошмо отурумуну тактамасынын жыйынтыгында, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлеринин кошумча бир айлык эмгек акысына 50 пайыздык үстөк үчүн 2 628 300 (эки миллион алты жүз жйырма сегиз миң үч жүз) сом, социалдык төлөмдөрү үчүн 211 500 (эки жүз он бир миң беш жүз) сом акча каражаты бекитип берилсин.

2.Ноокат шаар кеңешинин кызматкерлеринин кошумча бир айлык эмгек акысына 50 пайыздык үстөк үчүн 660 000 (алты жүз алтымыш мин) сом, социалдык төлөмдөрү үчүн 100 000 (бир жүз миң) сом акча каражаты бекитип берилсин.

3.Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлеринин бир айлык эмгек акысына 25 пайыз үстөк туруктуу негизде төлөнсүн. Ал эми 50 пайызга чейинки үстөк акча үчүн 1 534 147 (бир миллион беш жүз отуз төрт мин бир жүз кырк жети) сом, социалдык төлөмдөрү үчүн

234 547 (эки жүз отуз төрт миң беш жүз кырк жети) сом акча каражаты бекитип берилсин.

4.Ноокат шаар мэриясынын кенже тейлөө кызматкерлерыне (МОП) жана техникалык тейлөо кызматкерлерыне (ТОП) кошумча 50 пайыздык үстөк үчүн 162 300 (бир жүз алтымыш эки миң үч жүз), социалдык төлөмдөрү үчүн 28 000 (жыйырма сегиз миң) сом акча каражаты бекитип берилсин.

5. Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн 50 (элүү) га чейин айлык акысына үстөктүн өлчөмүн белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобо №1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн 50 (элүү) га чейин айлык акысына үстөктүн өлчөмүн белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобо №2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

7.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты А.А.Кодиралиевке тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №16 токтомуна №1 тиркеме**

Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн айлык акысына үстөктүн өлчөмүн белгилөөнүн тартиби жөнүндө ЖОБО

**1.Жалпы жоболор.**

Жобо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” №266 Жарлыгына ылайык иштелип чыкты.

Жобо Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн айлык акысына үстөктүн өлчөмүн белгилөөнүн тартибин шарттайт.

Ушул жобонун күчү Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерине жайылтылат (техникалык жана кенже тейлөө кызматкерлерине жайылтылбайт).

**2. Жумуш ишмердүүлүгүн баалоонун максаттары жана милдеттери.**

Жумуш ишмердүүлүгүн баалоонун максаттары Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлеринин (мындан ары – кызматкерлер) ишинин татаалдыгын, сапатын, ишинин жыйынтыгын, кесиптик демилге көрсөткөндүгүн материалдык жүйөлөштүрүүнү жөнгө салуу болуп эсептелет.

Баалонун милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет.

Кызматкерлердин өз милдеттерин аткаруудагы аткарган жумушунун татаалдыгын, сапатын, эмгегинин натыйжалуулугун, кесиптик демилге көрсөтүүсүн, ченемге салынбаган иштин режиминин деңгээлин аныктоо.

**3. Үстөктүн өлчөмүн баалоонун тартиби.**

Кызматкерлердин эмгек акысына үстөк төлөө үчүн алардын жумуш ишмердүүлүгүн баалоо ар ай сайын жүргүзүлөт.

Кызматкерлердин айлык акысына үстөктүн өлчөмү төмөндөгү 2 топ көрсөткүчтүн негизинде белгиленет:

1. Аткаруучулук тартип – максималдуу өлчөм 25%. Эгерде кызматкердин жоопкерчилигинде аткаруу мөөнөтү өтүп кеткен документтер болсо, анда бул көрсөткүчтүн негизинде коюлуучу үстөктүн максималдуу өлчөмү төмөндөгү тартипте кыскарат:

- 1 документ – 5 пайызга,

- 2 документ – 10 пайызга,

- 3 документ – 15 пайызга,

- 4 документ – 20 пайызга,

- 5 же андан көп документ – 25 пайызга.

Мындан тышкары иш-кагаздардын аткаруу мөөнөтүнүн бузулушуна жараша дагы кызматкердин айлык акысына кошулуучу үстөктүн өлчөмү төмөндөгүдөй коюлуп кыскарат:

- 1 күн – 5 пайызга,

- 2 күн – 10 пайызга,

- 3 күн – 15 пайызга,

- 4 күн – 20 пайызга,

- 5 же андан көп күн – 25 пайызга.

Эгерде кызматкердин айлык акысынын үстөгү мөөнөтү өтүп кеткен документтердин саны боюнча дагы күнү боюнча дагы кыскартууга тийиш болсо, анда ага бир эле критерий боюнча кыскартуунун төмөнүрөөгү колдонулат.

Аткаруучулук тартип боюнча объективдүү маалымат электрондук документ жүгүртүү системасынан (infodocs порталынан) алынат жана ага ылайык комиссия мүчөлөрү тарабынан жыйынтык чыгарылат.

Кызматкерлер тарабынан келип түшкөн иш-кагаздарга өз мөөнөтүндө (infodocs порталынан) тийиштүү жетекчиликке кол коюуга жиберилип, бирок жетекчилик тарабынан өз убагында кол коюлбай калса, жоопкерчилик кызматкерге жайылтылбайт.

2.Кызматкердин түздөн түз жетекчисинин баалоосу – максималдуу өлчөм 25%. Бул баалоо төмөндөгү критерийлер жана эсеп менен жүргүзүлөт:

- иштин татаалдыгы – максималдуу өлчөм 5%,

- иштин сапаты – максималдуу өлчөм 5%,

- иштин жыйынтыгы – максималдуу өлчөм 5%,

- кесиптик демилге көрсөткөндүгү – максималдуу өлчөм 5%,

- ченемге салынбаган иштин режими үчүн – максималдуу өлчөм 5%.

Кызматкерлерге баалоону вице-мэр (мэрдин орун басары), ал эми вице-мэрге, аппарат жетекчиге, – мэр өзү жүргүзөт. Натыйжада индикаторлордун эки көрсөткүчү боюнча жалпы сумма аныкталып, кызматкердин айлык акысына ылайык үстөк пайыздын өлчөмү белгиленет.

**4. Жумуш эффективдүүлүгүнүн баалоону тариздөө тартиби**

Баалоо таблицасы түздөн-түз баалаган жетекчинин кол тамгасы менен ар айдын 27-күнүнөн кечиктирилбестен (1-тиркемеге ылайык) Ноокат шаар мэрине сунушталып, Ноокат шаар мэринин буйругу менен (2-тиркемеге ылайык) бекитилет.

**4.1. Бул Жобо жокко чыгарылганга, өзгөртүлгөнгө же жаңысына алмаштырганга чейин күчүндө болот.**
**4.2. Бардык кызматкерлер Жобонун тексти менен таанышып кол коюуга тийиш.**

**Ноокат шаардык**

**кеңешинин жооптуу катчысы** **М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 06-февралындагы VI чакырылыш XXVII сессиясынын №16 токтомуна №2 тиркеме**

## Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн айлык акысына үстөктүн өлчөмүн белгилөөнүн тартиби жөнүндө ЖОБО

### 1.Жалпы жоболор.

Ушул, Жобо Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” №266 Жарлыгына, КРнын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 1-августундагы “Кыргыз Республикасынын мамлекттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” №433 токтомуна ылайык иштелип чыкты.

Жобо Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн айлык акысына үстөктүн өлчөмүн белгилөөнүн тартибин аныктайт.

Ушул жобонун күчү Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлерине жайылтылат (техникалык жана кенже тейлөө кызматкерлерине жайылтылбайт).

### 2. Жумуш ишмердүүлүгүн баалоонун максаттары жана милдеттери.

Жумуш ишмердүүлүгүн баалоонун максаттарыНоокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлеринин (мындан ары – кызматкерлер) ишинин татаалдыгын, сапатын, ишинин жыйынтыгын, кесиптик демилге көрсөткөндүгүн материалдык жүйөлөштүрүүнү жөнгө салуу болуп эсептелет.

Бааллоонун милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет.

Кызматкерлердин өз милдеттерин аткаруудагы аткарган жумушунун татаалдыгын, сапатын, эмгегинин натыйжалуулугун, кесиптик демилге көрсөтүүсүн, ченемге салынбаган иштин режиминин деңгээлин аныктоо.

**3. Үстөктүн өлчөмүн баалоонун тартиби.**

Кызматкерлердин эмгек акысына үстөк төлөө үчүн алардын жумуш ишмердүүлүгүн баалоо ар ай сайын жүргүзүлөт.

Кызматкерлердин айлык акысына үстөктүн өлчөмү төмөндөгү 3 топ көрсөткүчтүн негизинде белгиленет:

1. Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлеринин бир айлык эмгек акысына 25 пайыз үстөк тартылган инвестиция, кошумча киреше булактарын көбөйтүү, жаңы муниципалдык мүлктөрдү балансқа алуу, мыйзамсыз берилген жерлерди артка кайтаруу жана шаар куруу, архитектура эрежелерин сакталышын камсыз кылуу максатында аткарылган иштерди эске алуу менен туруктуу негизде төлөнөт.

2. Аткаруучулук тартип – максималдуу өлчөм 25%. Эгерде кызматкердин жоопкерчилигинде аткаруу мөөнөтү өтүп кеткен документтер болсо, анда бул көрсөткүчтүн негизинде коюлуучу үстөктүн максималдуу өлчөмү төмөндөгү тартипте кыскарат:

- 1 документ – 5 пайызга,
- 2 документ – 10 пайызга,
- 3 документ – 15 пайызга,
- 4 документ – 20 пайызга,
- 5 же андан көп документ – 25 пайызга.

Мындан тышкары иш-кагаздардын аткаруу мөөнөтүнүн бузулушуна жараша дагы кызматкердин айлык акысына кошулуучу үстөктүн өлчөмү төмөндөгүдөй коюлуп кыскарат:

- 1 күн – 5 пайызга,
- 2 күн – 10 пайызга,
- 3 күн – 15 пайызга,
- 4 күн – 20 пайызга,
- 5 же андан көп күн – 25 пайызга.

Эгерде кызматкердин айлык акысынын үстөгү мөөнөтү өтүп кеткен документтердин саны боюнча дагы күнү боюнча дагы кыскартууга тийиш болсо, анда ага бир эле критерий боюнча кыскартуунун төмөнүрөөгү колдонулат.

Аткаруучулук тартип боюнча объективдүү маалымат электрондук документ жүгүртүү системасынан (infodocs порталынан) алынат жана ага ылайык комиссия мүчөлөрү тарабынан жыйынтык чыгарылат.

Кызматкерлер тарабынан келип түшкөн иш-кагаздарга өз мөөнөтүндө (infodocs порталынан) тийиштүү жетекчиликке кол коюуга жиберилип, бирок жетекчилик тарабынан өз убагында кол коюлбай калса, жоопкерчилик кызматкерге жайылтылбайт.

2. Кызматкердин түздөн түз жетекчисинин баалоосу – максималдуу өлчөм 25%. Бул баалоо төмөндөгү критерийлер жана эсеп менен жүргүзүлөт:

- иштин татаалдыгы – максималдуу өлчөм 5%,

- иштин сапаты – максималдуу өлчөм 5%,

- иштин жыйынтыгы – максималдуу өлчөм 5%,

- кесиптик демилге көрсөткөндүгү – максималдуу өлчөм 5%,

- ченемге салынбаган иштин режими үчүн – максималдуу өлчөм 5%.

Кызматкерлерге баалоону директор персоналды башкаруу боюнча кызматкердин жардамында жеке өзү жүргүзөт. Натыйжада индикаторлордун эки көрсөткүчү боюнча жалпы сумма аныкталып, кызматкердин айлык акысына ылайык үстөк пайыздын өлчөмү белгиленет.

**4. Жумуш эффективдүүлүгүнүн баалоону тариздөө тартиби**

Баалоо таблицасы түздөн-түз баалаган жетекчинин кол тамгасы менен ар айдын 27-күнүнөн кечиктирилбестен №1-тиркемеге ылайыкпротокол түрүндөсунушталып, Ноокат шаар мэриясынын муниципалдык менчик департаментинин директорунунбуйругу менен ушул жобонуну №2-тиркемесине ылайык бекитилет.

**4.1. Бул Жобо жокко чыгарылганга, өзгөртүлгөнгө же жаңысына алмаштырганга чейин күчүндө болот.**
**4.2. Бардык кызматкерлер Жобонун тексти менен таанышып кол коюуга тийиш.**

**Ноокат шаардык кеңешинин жооптуу катчысы: М.Ярматов**

***Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн айлык акысына үстөктүн өлчөмүн белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобосунун 1-тиркеме***

Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн айлык акысына үстөктүн өлчөмүн пайыздык белгилөөнү баалоо баракчасы

| № | Аты-жөнү | Кызмат орду | Көрсөткүчү (%) | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Иштин татаалдыгы | Иштин сапаты | Иштин жыйынтыгы | Кесиптик демилге көрсөткөндүгү | Ченемге салынбаган иштин режими | Жалпы үстөктүк пайызы |
| 1 | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | | |

Ар бир көрсөткүч боюнча 0 пайыздан 5 пайызга чейин пайыз коюлат. Бардык пайыздар кошулуп жалпы пайыз чыгарылат.

**Ноокат шаардык кеңешинин жооптуу катчысы: М.Ярматов**

***Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн айлык акысына үстөктүн өлчөмүн белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобосунун 2-тиркеме***

Ноокат шаар мэриясынын кызматкерлерин материалдык жүйөлөштүрүү жана аларга дем берүү максатында иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн айлык акысына үстөктүн өлчөмүн пайыздык бекитүү формасы

| № | Аты-жөнү | Кызмат орду | Аткаруу-чулук тартиби, % | Жетекчи-нин баасы, % | Кечиктирилген каттар-дын саны | Кечиккен мөөнөтү (канча күн) | Жалпы-сы, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | |
| 4 | | | | | | | |

Ар бир көрсөткүч боюнча 0 пайыздан 25 пайызга чейин пайыз коюлат. Бардык пайыздар кошулуп жалпы пайыз чыгарылат.

**Ноокат шаардык кеңешинин жооптуу катчысы: М.Ярматов**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №17**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарынын аймагындагы “Мектепке чейинки билим берүү мекемелерине” 2024-жылдын 1-январына атайын эсебиндеги үнөмдөлгөн акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө.**

Ноокат шаарынын аймагындагы “Мектепке чейинки билим берүү мекемелерине” 2024-жылдын 1-январына атайын эсебиндеги үнөмдөлгөн акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаарынын аймагындагы “Мектепке чейинки билим берүү мекемелерине” 2024-жылдын 1-январына атайын эсебиндеги үнөмдөлгөн 257 500 (эки жүз элүү жети миң беш жүз) сом акча каражатын шаардын аймагындагы “Мектепке чейинки билим берүү мекемелерине” төмөнкүчө бекитип берилсин:

-2222-ар турдуу чарбалык жана кеңсе товардар сатып алууга 257 500 (эки жүз элүү жети миң беш жүз) сом;

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты А.Б.Орозалиевага тапшырылсын.

**Төрага:-** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №18**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары 06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарынын аймагындагы мектептердын чатырын орткө каршы (чердачная обработка) туруктуулугун күчөтүү үчүн акча каражаты бөлүп берүү жөнүндө.**

Ноокат шаарынын аймагындагы мектептердын чатырын орткө каршы (чердачная обработка) туруктуулугун күчөтүү үчүн акча каражаты бөлүп берүү жөнүндөгү Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаарынын аймагындагы мектептердын чатырын орткө каршы (чердачная обработка) туруктуулугун күчөтүү үчүн 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты бөлүп берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Н.А.Абдибаитовго тапшырылсын.

**Төрага:- Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №19**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарынын аймагындагы “Ынтымак” толук эмес орто мектебине кошумча навес жана септик куруу үчүн өздүк салымга (ПРООН) акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын аймагындагы “Ынтымак” толук эмес орто мектебине кошумча навес жана септик куруу үчүн өздүк салымга (ПРООН) акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика, соода маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаарынын аймагындагы “Ынтымак” толук эмес орто мектебине кошумча навес жана септик куруу үчүн өздүк салымга (ПРООН) Ноокат шаар мэриясынын бюджетинин үнөмдөлгөн акча каражаты эсебинен 444 700 (төрт жүз кырк төрт миң жети жүз) сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Н.З.Ураимовго тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №20**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы “Ноокат жылуулукту камсыздоо” муниципалдык ишканасын “Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигине караштуу отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментине өткөрүп берүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясынын алдындагы Ноокат жылуулукту камсыздоо муниципалдык ишканасынын “Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигине караштуу отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментине өткөрүп берүү жөнүндөгү Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1.Ноокат шаар мэриясынын алдындагы “Ноокат жылуулукту камсыздоо” муниципалдык ишканасын “Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигине караштуу отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментине” өткөрүүгө макулдук берилсин.

2.Талап кылынган документтерин бүтүрүү, ишкананы өткөрүү боюнча тараптар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү ишкананын жетекчиси А.Айткуловго милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Б.Айтматовго жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №21**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы “Ноокат жылуулукту камсыздоо” муниципалдык ишканасына акча каражаты ажыратып берүү жөнүндө.**

Ноокат шаар мэриясынын алдындагы “Ноокат жылуулукту камсыздоо” муниципалдык ишканасына акча каражаты ажыратуу жөнүндөгү Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1.Ноокат шаар мэриясынын алдындагы “Ноокат жылуулукту камсыздоо” муниципалдык ишканасына Ноокат шаар мэриясынын 2024-жылдын бюджетинин үнөмдөлгөн акча каражатынын эсебинен:

- күл кесектерин ташып чыгаруу үчүн 200 000 (эки жүз миң) сом;
-проект өздүк салим үчүн-1 500 000 (бир миллион беш жүз миң) сом;
-соц. фонд үчүн-400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражаттары ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Т.Р.Маманазаровко жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №22**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары 06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарына караштуу Х.Самиев атындагы орто мектебинин от казандарын оңдоп түзөө үчүн акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө.**

Ноокат шаарына караштуу Х.Самиев атындагы орто мектебинин от казандарын оңдоп түзөө үчүн акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1.Ноокат шаар мэриясынын 2024-жылдын бюджетинин үнөмдөлгөн акча каражатынын эсебинен Ноокат шаарына караштуу Х.Самиев атындагы орто мектебинин от казандарын оңдоп түзөө үчүн 2 004 675 (эки миллион төрт миң алты жүз жетимиш беш) сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты Т.Т.Кадирбаевке тапшырылсын.

**Төрага Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №23**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаарына караштуу Н.К.Крупская атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу үчүн дем берүүчү грантка өздүк салымга жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражаты ажыратып берүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясы, 2022-2024-жылдардагы социалдык экономикалык өнүгүү программасынын иш аракеттер планынын алкагында 2024-жылдын иш планына киргизилген Ноокат шаарына караштуу Н.К.Крупская атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу үчүн дем берүүчү грантка тапшырылган долбоорго өздүк салымга жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражаты ажыратып берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика, соода маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1.Ноокат шаарына караштуу Н.К.Крупская атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2 100 000 (эки миллион бир жүз миң) сом акча каражаты өздүк салымга ажыратылып берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жана Ноокат шаардык кеңешинин депутаты С.Нурманбетовго тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №24**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы**

**Ноокат шаары** **06-февраль 2024-жыл**

**Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөлөрүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө.**

Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясы төмөндөгү составда бекитилсин:

**II. Бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча :**

- Орозалиева Айгуль Батырбековна -комиссиянын төрайымы.
- Маманазаров Турсумамат Розалиевич -комиссия төрагасынын орун басары

Мүчөлөрү:

- Тургунбаев Омурбек Жоробаевич
-Ураимов Набижон Зикирияевич
-Арапова Гульбара Ураимжановна

2.Токтомду аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө аламын.

**Төрага** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №1**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **28-март 2024-жыл**

## Ноокат шаар мэриясынын тийиштүү юридикалык иш-кагаздарын юстиция министрлигинен кайрадан каттоодон өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө

Ноокат шаар мэриясынын тийиштүү юридикалык иш-кагаздарын юстиция министрлигиненен кайрадан каттоодон өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде сессиянын отурумундагы депутаттардын сын-пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ноокат шаар мэриясынын тийиштүү юридикалык иш-кагаздарын юстиция министрлигиненен кайрадан каттоодон өткөрүүгө макулдук берилсин.

2.Ноокат шаардык кеңешинин документтерин даярдап, Ош облустук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүп, штамп, печаттарын алуу жагы Ноокат шаар мэриясына тапшырылсын.

3.Токтомдун аткарылышын Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Б. Айтматовко тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №2**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **28-март 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын ишмердүүлүгү боюнча Жобосун бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаар мэриясынын ишмердүүлүгү боюнча Жобосун бекитүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде сессиянын отурумундагы депутаттардын сын-пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ноокат шаар мэриясынын ишмердүүлүгү боюнча Жобо жактырылсын. (Жобо тиркелет)

2.Ноокат шаар мэриясынын ишмердүүлүгү боюнча Жобосу бекитилүүсүнө макулдук берилсин.

3.Токтомдун аткарылышын Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү З.Ю.Имамовго тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңешинин 2024-жылдын 28-мартындагы VI чакырылыш №XXVIII сессиясынын №XXVIII-2 токтомуна №1 тиркеме:**

## Ноокат шаарынын мэриясынын убактылуу типтүү жобосу

### 1. Жалпы жоболор

1. Ноокат шаарынын мэриясынын ушул Убактылуу типтүү жобосу юридикалык жакты юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда каттоодо колдонуу үчүн иштелип чыккан жана шаардын мэриясынын иш-аракетин жөнгө салат.

2. Мэрия Ноокат шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруучу органы болуп саналат жана өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырат.

3. Мэрия юридикалык жак болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн мөөрү, өзүнүн фирмалык аталышы жазылган штамптары жана бланктары жана башка тиешелүү атрибуттары болот.

Мэриянын расмий аталышы:

- мамлекеттик тилде – “Ноокат шаарынын мэриясы”;
- расмий тилде – «Мэрия города Ноокат».

Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Ноокат району, Ноокат шаары, Лутфуллаев көчөсү, №5.

4. Мэрия өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, ошондой эле “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

5. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мэрия өзүнүн атынан мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарды сатып алууга жана ишке ашырууга, өз мүлкүнө ээлик кылууга, пайдаланууга жана тескөөгө, ошондой эле келишим түзүүгө, мүлктү сатып алууга, ижарага алууга жана ээликтен ажыратууга, сотто доогер жана жоопкер болууга укуктуу. Мэриянын мүлктүк укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык корголууга тийиш

6. Мэрия Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте муниципалитеттер аралык жана эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашырат.

### 2. **Шаардык мэриянын ишинин уюштуруучулук-укуктук негиздери**

7. Шаардын мэриясынын компетенциясы, шаардын мэрин кызматка дайындоонун жана кызматтан бошотуунун тартиби, мэриянын ишинин финансылык-экономикалык негиздери “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелери жөнүндө кодекси жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

8. Мэриянын түзүмү жана штаттык расписаниеси (ырааттамасы) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен типтүү түзүмдүн жана штаттык расписаниенин негизинде мэр тарабынан бекитилет.

9. Мэрия шаардык кеңештин депутаттарына өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда, шайлоочулардын алдында отчетторду даярдоодо жана өткөрүүдө көмөк көрсөтөт.

10. Мэрия өз ишинде шаардык кеңешке, ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга отчетуу болот.

11. Шаар мэриясынын аппаратында документтер менен иштөөнү уюштуруу жана иш кагаздарын жүргүзүү боюнча эрежелер архив мыйзамдарынын жана документтик иш кагаздарын жүргүзүү боюнча мыйзамдардын негизинде шаардын мэриясынын регламенти менен белгиленет.

Бишкек жана Ош шаарларында жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларынын кошумча ыйгарым укуктары “Борбордун статусу жөнүндө” жана “Ош шаарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган.

## 3. **Мэриянын актыларынын милдеттүүлүгү**

12. Мэриянын атынан актыларды (чечимдерди) мэр токтом жана тескеме формасында чыгарат, эгерде актылардын өзүндө башкача каралбаса, аларга кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

13. Токтомдор Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде жана аларды аткаруу максатында чыгарылат. Тескемелер оперативдүү, уюштуруу жана кадр маселелери боюнча чыгарылат.

14. Чыгарылган актылар өзгөртүлүшү, толукталышы, жокко чыгарылышы же күчүн жоготту деп табылышы мүмкүн.

15. Мэриянын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына каршы келбөөгө тийиш.

16. Мэриянын чечимдери шаардын аймагында милдеттүү юридикалык күчкө ээ.

## 4. **Мэрияга келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик**

17. Мэриянын мүлкүнө келтирген зыян үчүн ишканалар (бирикмелер), уюмдар жана мекемелер, жарандар мэриянын алдында мүлктүк жоопкерчилик тартышат.

18. Мэриянын мыйзамдуу кызыкчылыктары сот тартибинде корголот.

## 5. **Корутунду жоболор**

19. Убактылуу жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор шаардын **мэринин** чечими менен киргизилет.

---

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №3**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **28-март 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаменти тарабынан ижара келишими менен иштеп жаткан айрым убактылуу унаа токтоочу жайларды жою жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-мартындагы “Автомобиль жолдорунун жээгиндеги жерлерге (жол тилкесиндеги жана жол боюндагы тилкедеги жерлерде) жол боюндагы тейлөө объекттерин (анын ичинде сооданы) мыйзамсыз жайгаштырууну алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө” ПЖ № 56-Жарлыгына ылайык, Ноокат шаар мэриясынын алдындагы муниципиалдык менчик департаменти тарабынан ижара келишими менен иштеп жаткан Ленин көчөсүндөгү убактылуу унаа токтоочу жай жол коопсуздугу эрежелерине, ал эми А.Мирмахмудов, Шаар-Маала көчөсүндөгү убактылуу унаа токтоочу жайлар борбордук базардын кириш дарбазаларында жайгашып, өрт коопсуздук эрежелерине жооп бербегендигине байланыштуу тиешелүү кызматтардын сунуштамасынын негизинде жоюуга макулдук берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде сессиянын отурумундагы депутаттардын сын-пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ноокат шаарынын Ленин, А.Мирмахмудов жана Шаар-Маала көчөсүндөгү жол боюндагы тилкедеги жерлерде уюшулган убактылуу унаа токтоочу жайлар менен болгон келишим токтотулуп, жокко чыгарылсын.
2. Ноокат шаарынын мэри Ж.Тиллаевге жоюлган унаа токтоочу жайлар боюнча ММКларга жарыя берип, иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын Ноокат шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, өз алдынча башкаруу, регламент, депутаттык этика, мандат, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, коомдук уюмдар, дин иштери маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү Г.З. Жееналиевага тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №4**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **28-март 2024-жыл**

**Ноокат шаар мэриясынын мөнөөтсүз пайдалануусундагы жер аянттын кайра жеке менчикке кайтарып берүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын Барын кварталынын Зульфия көчөсүнүн тургуну Сидиков Махаматтохиржон Тажидиновичдин жеке менчигиндеги жер аянтынан 170 чарчы метрин скважина казып, суу чыгаруу үчүн Ноокат шаар мэриясынын мөнөөтсүз пайдалануусуна берген. Бирок, скважина казуу иштеринде жер таштак болуп, суу чыкпай калгандыгына байланыштуу кайра 170 чарчы метр жер аянттын Сидиков Махаматтохиржон Тажидиновичдин жеке менчигине кайтарып берүү жөнүндөгү маселе Ноокат шаардык кеңешинин муниципиалдык менчик, өнөржай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде сессиянын отурумундагы депутаттардын сын-пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ноокат шаар мэриясынын мөнөөтсүз пайдалануусундагы 170 чарчы метр жер аянттын Сидиков Махаматтохиржон Тажидиновичдин кайра жеке менчигине кайтарып берүүгө макулдук берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын Ноокат шаардык кеңешинин муниципиалдык менчик, өнөржай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Х.А. Маткосимовго тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Мадмаров**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №5**

**Ноокат шаардык кеңешинин VI чакырылышынын кезексиз XXVIII сессиясы**

**Ноокат шаары** **28-март 2024-жыл**

**“Ноокат Тазалык” муниципалдык ишканасына келишимдин негизинде кошумча штаттык бирдик кароо жана аларга акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө**

“Ноокат Тазалык” муниципалдык ишканасына келишимдин негизинде кошумча штаттык бирдик кароо жана аларга акча каражатын ажыратып берүү жөнүндөгү Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, финансы, экономика, соода маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын-пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.“Ноокат Тазалык” муниципалдык ишканасына Ноокат шаарынын аймагын көрктөндүрүүгө:

-гүл эгүүчү-3 кызматкер, суу чачуучу-1 кызматкер, көчө тазалоочуулар (дворник)-4 кызматкер келишимдин негизинде кошумча штаттык бирдик алууга макулдук берилсин.

2.Ноокат шаар мэриясынын бюджетинин 2024-жылдын 1-январына калган үнөмдөлгөн акча каражаты эсебинен Ноокат шаар мэриясынын алдындагы “Ноокат Тазалык” муниципалдык ишканасына:

-жашылдандыруу, көрктөндүрүү үчүн-1 150 000 (бир миллион бир жүз элүү миң) сом;

-бак-дарактарды бутоо жана шактарды тазалоо үчүн-400 000 (төрт жүз миң) сом;

-көчөлөргө суу себүү үчүн-610 000 (алты жүз он миң) сом;

-көчө тазалоочуулар (дворниктер) үчүн-1 240 000 (бир миллион эки жүз кырк миң) сом акча каражаттары штаттык бирдиктерине жана керектелүүчү материалдарына чыгымдардын сметасына ылайык ажыратылып берилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ноокат шаардык кеңешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Мадмаров**